Муса МУРАТАЛИЕВ

# ЖАМАН

(«МАНАС АЙТУУ» романдан)

АВТОРДОН

*Колуңуздагы чыгарма эски жана жаңы заман таасири астында жазылды. Эски заман эпкини катары Түндүк Азия менен Борбордук Азиянын байыркы элдеринин бири кыргыз элинин оболку тарыхы иликтөөгө алынды. Кыргыздын кырк уруу системасын иликтөө аны «Манастын» турптына алып келгендиктен улуу мурастын сюжетин баштан-аяк чечмелеп чыгуу китептин кыйла бөлүгүн түздү.*
*Кыргыздын жоголуп кеткен урууларынын тагдыры берилип, алар жашап өткөн кездердеги алар тебишкен байыркы элдер: хунндар, гунндар, кем-кемжуттар, кытайлар, дасялар жана бири менен биринин кантип кармашкандары притча түрүндө чагылдырылды.*
*Жаңы заман эпкини катары советтик империянын кыйрашы маскөөлүк жашоонун негизинде берилди. Орусиялыктар психологиясында болуп аткан өзгөрүүлөр, коомчулукту кеңири кучагына алган кылмыштуулук алар менен табакташ болуп кеткен чекисттер турмушу чагылдырылды.*
*Баш карман Бек Мурза орус досу Юрий Уста, немис досу Леонард Линкс, кыргыз досу Асан Жапар жана америкалык досу Чарльз Стивенсон болуп андай жашоону кантип баштарынан өткөрүшү баяндалды.*

газета «Адабий Ала-Тоо», 2008, №№ 3, 4, 5.

-Америкалык неме боорсок жебей жүрбөсүн? – деген Соня эрине кайрылды. – Боорсокту ал жебейт, көрөсүң.

-Буштун шыйрагын[1] бышыр, - деп Бек жубайына кеңеш берди. - Жеп жүргөн ашы. Же маскөөлүк «Hot dog» бышыр.

-Мен сага кеңеш берсин десем тамаша кыласың, - деген жубайы ары басты.

«Тайфун» чаң соргучту күрүлдөтүп Соня эртелеп үйдү жыйыштырганга кирген. Мурзанын бүлөсү мындай ишти аптасына бир курдай жасачу. Бул жолу чукул даярдык көрүлүп аткан.

-Тегерек үстөлдү ортого коюп алты отургуч койсок жетет, - деди Соня чаң соргучтун күрүлдөгөн үнүнө аралаш.

-Жетпейт! – деп Бек ага каршы чыкты.

-Кантип жетпейт? Алар экөө, биз төртөөбүз…

-Ал жангыз өзү үстөлдүн бир жагын бүт ээлейт.

-Бу үстөлгө сегиз киши олтуруп жүрбөйбү?!

-Ал кадимки америкалык! Алачыктай киши.

Соня эңкейип, чаң соргучту өчүрүп өйдө болду. Үйдүн ичи кулак кескендей боло түштү.

-Баяле ошентип айтпайсыңбы, - деген Соня эрине мурду менен бир тийди. – Кана, баарыңар кол кабыш эткиле. Бек, сен кандай тамак бышырайын анын тизмесин түз. Кийин анан кыргыздыкындай дасторкон кенен болбоду деп ыңырылбагандай бол. Биз, кызым экөбүз үйдү жыйыштырабыз. Кайсы бир жыгачташты конок бөлмөдөн балдар бөлмөсүнө алып чыгабыз. Сен да кол кабыш кыласың деп анан уулуна кайрылды.

-Аттигин ай! Мага азыр америкалык чындыктын чети эле берилгенде… - деген Бек күңгүрөндү. – Мен үчүн Америка ачыла элек планета. Даамын татып көрсөм кана?.. Жолуңан жолукан эмне деген жан? Киши жечү балыкпы же кишини жечү балыкпы? Оруска калганда көнүгүшүп калдык. Таттуусун, ачуусун бирге көрүп келебиз. Америкалык ошонун эле өзү батыштык маданий төңкөрүш дегинкиси ал элдердин жетиштүү турмушунан улам жаралган. Курсагы кабышкандардын андай, маданий кайра жаралууну ойлоп табаары күмөн санатат. Ал жакта адам баласы сый-урматка ээ. Ал жактын эли кичи пейил, боорукер, байкуштарга күйүмдүү. Эмне дегенде алардын дайыма көөнү ток. Колунда бар жашоо аларды күйүмдүүлүккө үйрөткөн. Ким кимиси керт башынын эркиндигин коргошот. Керт башын гана эмес башкалардын да эркиндигин коргоого даяр. Бекеринен америкалыктар: «Өзүң күн көр, башканын да күн көрүшүнө тоскоол болбо!» - деп айтышпаса керек.

-Ата, эмне эле күңкүлдөп атасың? – деген Бектин уулу аркы үйдөн башбакты.

-Цивилизацияга аралашкан коомчулукта оройлукка орун жок. Түркөйүлүк менен шалакылыкка да орун жок, - деп Бек, уулуна насаат айта оюн улады. – Бирөөнү бирөө басмарлоо болбойт. Андай жорукту цивилизация жерийт…

-Ата, сен «жорук» деп атаган адатты кишилер жакында таштабайт.

-Ал эле эмес… Цивилизациядан тышта калган чөйрөдө алсыздын укугун тебейлеп тепсөө эрөөн-төрөөнү жок болуп калат.

Бек Мурза алдыңкы күнү метронун «Печатники» станциясынын чыга беришинен профссор Сивенсонду конокко чакырган. Ошондон тарта Сонянын бар аракети океан ары жагынан келген конокту кантип жакшылап тосууда калган.

Америкалык профессор Гуманитардык университетте лекция окугандан соң Бек экөө шаарга чыгышкан. Лекция түрк тилдериндеги этиштик айырмага арналган болуучу. Ошондуктан Бек америкалык лингвисттин сабагын кызыгуу менен угуп чыккан.

Маскөөдө март келип калганына карабай алар «Новослободская» станциясынан чыгары менен аларды калың жааган кар тосуп алды. Маскөөнүн карарган асманынан самсаалап жааган кар бозоруп турган чар тарапты агарта баштаган эле. Астыдан чаба жааган кар каш-кирпиктерине конуп жүдөтө баштаганына карабай, Гуманитардык университетти карай баратышты.

Профессор Стивенсон орусча сүйлөгөнгө анча жок Мурза англисче сүйлөгөнгө анча жок болушкандыктан алар америкалык профессор Орусияга келген сайын Казандан чакыртып туруучу тилмечи Адия Садык кызы аркылуу сүйлөшүп баратышты.

Көп өтпөй конок менен Бек Мурза акырындап көнүшүп узун кепке киришти. Мурдагы советтик жаатты түзүп турган кийин азаттык алышкан өлкөлөр туурасында аңгеме башталды.

-Жакынга дейре Орусияда улуттук азчылык маселеси жок эле, - деди Бек Мурза тилмеч үлгүрсүн үчүн ар бир сүйлөмүн бөлүп айтып. – Азыр саны жагынан аздык кылган эдер маселеси кабыргамды кайыштырат…

-Мен түшүнөм… - деген профессор орусча баштап андан аркысын тилмеч которду. – Эмне дегенде сиз өзүңүз бул өлкөдө азчылык кылган элдер өкүлүсүз. Ал маселени жакшы түшүнөсүз.

-Кыйладан бери самап келе жаткан тилегим бар. Маскөөдө саны жагынан аздык кылган элдер менен бей-бечаралар балдары үчүн англис тилин окутуу курсун ачсам дейм.

-Абдан жакшы! – деген профессор алдыга озуп кеткен Адияга кайрылды. – Бизге жардам бер, байболгур.

Казандык тилмечтин каракул пальтосунун далысы чаба жааган кардан аппак эле.

-Эмне тууралуу кеп болуп атат? – деп Стивенсон дагы бир жолу сурады.

Тилмеч келин эки ооз сөз менен түшүндүрдү да бараткан жолун улады.

-Эмне үчүн сөзсүз ангис тили? – деген Чарльз кайра да сурады.

-Оруста бир тамашалуу кеп бар… – деди Бек тилмеч үлгүрүп которсун үчүн сөзүн чое сүйлөп. – Совет урап калганда мындан ары кандай жашаш керектигин билмекке эл көрөөгөч издешет. Ары барып бери келип жүрүп, акыры андай кишини табышат. «Кандай кылуу керек?» - деген суроо коюшат. Ошондо ал: «Жыргачулар англис тилин үйрөнсүн! Куурачулар кытай тилин үйрөнсүн! Баарыбир дегендер Калашников автоматын үйрөнсүн!» - дейт.

Америкалык профессор каткырып ийгенде ага тилмеч Адия кошулуп, баары күлүп калышты.

Ара жолдо Бек Мурзанын эсине Вильгельм Томсен жасаган ачылыш түштү. Ал ачылыш 1893-жылы 26-ноябрде жасалып Томсендин атын тархта калтырган. Ал окумуштуу ал күнгө дейре жер жүзүндө бир да тилчи окуй албай келаткан оркон-енисейлик байыркы эстеликти жандырып окуган. Эртеси анын Даниянын падышалык илимий Академиясынын коомчулугу алдында жазаган доклады жер жүзүнө таркап Томсендин атын тарыхта калтырган.

-Томсен мырза чечмелеген байыркы кыргыз жазуусу менен таанышсыз дейм? - деген Бек Мурза үнүн жасап алды. – Вильгельм Томсендин эмгектери америкалык жогорку окуу жайларында окутулабы?

-О-оба! – деген профессор Стивенсон жалт карап алды. – Бизде Томсендин эмгектери кыйла белгилүү. Айтмакчы, мен Индиана штатындагы университеттен билим алганмын. Түрк тилдери бөлүмүн бүттүм.

-Биз англис тилин үйрөнгөнү жатсак, сиз түрк тилин үйрөнүпсүз. Анда сиз кайсы топко кошуласыз? Жыргачулар катарына кошулбайт экенсиз…

-Жо-жок!.. – деген Стивенсон каткырып ийип кепти ала качты. – Биз… бизге баарыбир…

-Түрк тилдерин изилдейт экенсиз, кантсе да, тегиңизде кимдир бирөө түрк болгон?

-Жо-жок! Биздин түпкү атабыз Шотландиядан болгон. Таятам скандинавиялык болот, - деди америкалык окумуштуу жайбаракат. – Кошмо Штаттарда азыркы тушта Стивенсон тектүүлөр кыйла көп. Бирок биздин бүлөнүн алардын ар кимиси менен эле байланышы жок. Менин эки аялымдан үч уулум бар. Бири мени неберелүү кылып бактыма бакыт кошту.

-Карманган диниңиз католицизм болуу керек?

-Жо! Мен «Акыркы күндүн ыйыктары» динин урматтаймын.

-И-и?! Мормон турбайсызбы?

-Эл оозунда ошондой деп да аталат.

Тамак үстүндө шотландиялык «White Horse» вискисин ичип олтурушкан эле. Бектин эсине 60-жылдары алгач ирээт вски ичкени түштү. Советтик студенттер

шотландиялык ичимдикти кырдуу стакандап ооз тийүү уюштурушкан. Бирок ал жолку ооз тийүүдөгү виски дамын эстей албады. Ошону кеп салып олтурду.

-Вискини… тоник чабыштырып ичет… - деп эжелесе да орусча түшүндүрдү Чарльз.

-Ал кезде Советтер Союзунда виски жаңыдан сатыла баштаган, - деди анда Бек. – А тоникти сатууга уруксат жок болчу.

Мурзанын бүлөсү түшүнгүз бир нече сөз айтып, далдайып төрдү бүт ээлеген професор Стивенсон, эки санын чаап, каткырып калды. «Кишинин колуна учугу жок ийне берип кийим тик дегендей болгон дейт!», - деп которду аны Адия.

Ошондо чоң бөлмө ичин жаңырта, баары кайра да каткырып күлүп калышты.

Бек Мурзанын үйүндө Чарльз Стивенсон эки саатай болду. Океан ары жагынан келген конок сөзгө болсун ашка болсун тартынбаган даалдаган ак көңүл киши болуп чыкты. Боорсок, эт, кымыз, жер-жемиш баарынан чөп башылап жеп-ичип кең-кесири олтурду. Кызыл икраны гана аллергиямды козгойт деп жеген жок.

Төрдө олурган америкалык конок үйдүн ичине кызыга көз чаптырып аны-муну сурап коюп олтурду. Алардын бири Бектин апасы жасаган чоң шырдактын оюулары болду. Ошондон улам жоголуп кеткен кыргыздын кырк урууларынын бири Карга элесин калтырган оюуну ага көргөзүп, артынан Бек чечмелеп айтып берди.

Соня сарамжалдаган конокторду кабылдачу бөлмөдө чыгыштык буюм-тайымдар көп эле. Классикалык стилдеги стенкада кытайдык фарфор сервизи, дубалдарда Чарльзга аттары белгисиз советтик сүрөтчүлөр эмгектери илинип турду. Тегерек үстөлгө жайылган дасторкон да чыгыштын салтына жараша жасалган эле. Ал жердеги үй буюмдарынан кофе кайнатчу менен гана сыналгы койго келген жат эчкидей бөлүнүп турушту.

1994-жылдын кышы өтүп бараткан. Андан алты айча мурда Борис Ельцин аскер күчү менен Орусия федерациясынын Жогорку кеңешин таркатуу болгон. Ошону менен коммуниттик режимди түботоло жоготуу болгон. Стивесон жанында олтурган Адияга кайрылып:

-Мурзанын жашоо шарты кандай экенин сурачы, - деди.

Бек маалкатып барып:

-Кыйындап барат, - деди бир сырдуу.- Кымбатчылык кокодон ала баштады. Өлкө долларлаша баштады. Ачыгын айтсам, буга дейре мен жана менин бүлөм бул күндөрдөгүдөй кооптонууну башыбыздан өткөрө элек болчубуз. Сыналгыдан ар күн сайын кимдир бирөөнү өлтүрүп кеткени, тоноп же ыза-кордук көргөзүп атканы көргөзүлөт. Төбө чачың тик турат. Соня экөбүз акыркы кабарларды гана карайбыз. Калган учурда аны жагуудан коркобуз.

-Эл ичинде жашоо да ошончо оорбу? – деп Стивенсон күмөн санады. – Сыналгыны адам баласы ойлоп тапкан. Ал цивилизациянын бир тепкичи. Режиссер көрүүчүлөрдү кайраттуулукка үйрөткүсү келип ошондой сюжеттерди коюп аткандыр? Алдыда дагы боло турган кыйынчылыктарды жеңе билүүгө, эч нерседен тайманбастыкка үндөп аткандыр? Бар кыйынчылыкты жеңе билүүгө үндөп аткандыр?

-Кыйын кезең келип калды, - деди Бек Мурза жоошуй сүйлөп. – Сталиндик кезде НКВД таламандын тал түшүндө кимди болбосун үйүнөн кармап кетчү экен. Бирлерининин көзүн ошол, үйүнөн тазалап башкаларын этап-этабы менен Соловкиге, Сибир же Орто Азияга сүргүнгө айдаган экен. Бирок азыр деле таламандын тал түшү бирөөнү өз үйүндө же көчөдө союп салу, атып кетүү болуп калды! Ошол себептен азыр «Менин үйүм- менин чебим» лакабы түз мааниси менен бизге жетти. Мына, биздин үйдү алалы. Тыштан кире берише болот каалга орнотулду. Кабатка көтөрүлгөндө дагы бир болот каалга, анын ичине киргенден соң да, үйгө

кире турган каалга болоттон! Кошунам экөбүз каалгаларды жыгачтан койдуралы десек эшик салуучулар азыркы каалга жалаң болоттон деп айтканыбызга көнүшкөн жок.

-Атуулдар коопсуздугу мындай жол менен корголбойт, - деген Чарльз баш чайкады.

-Жакында сыналгыдан бир жаңы орус сүйлөдү. Ал: «мени күнү-түнү кайтарып жүргөн жалданма кишилерим бар, алардын эсеби эки жүз», - деди. Биз өңдөнгөн карапайым кишилерге андай жоон топ азаматтарга төлөгүдөй акча кайда? Жаңы кездин бир белгиси ушул.

Бек Мурза алдындагы көгүлтүр чынынын түсүнөн улам Бишкекте жарык көргөн академик Эдхям Тенишевдин «Байыркы кыргыз тили» китепчеси эсине түштү. Кептин учугун ошол жакка бурду. Бирок профессор Стивенсондун андан кабары бар экенин билип анда кайрадан маскөөлүк турмушка келди:

-Көңүлүм чөгүп турган күндөрү көчөгө чыгып ары-бери басамын, - деп Бек Мурза ангемесин улады. – Менин доктурум - көчөдөгү болмуш. Көчөдө мен сыяктуу эле көңүлү чөгүп, коркуп-үрккөн тургундар. Мен өңдөнгөн миңдеген кишилерди көрөмүн. «Жангыз эле мен жабыр тартып атканым жок!» - деп өзүмдү өзүм сооротом.

Көрө албастык менен ичи тардык ар кимде болот го, бирок коммунисттер башкаруусуна дуушар болгон бизде ал сезим абдан өнүккөн. Байларга тап катары кароо адатына биз советтик кезде үйрөндүк. 1917-жылы Петрограда бийликке большевиктер келбегенде бүгүн тышта мынча көп сабыры суз адамадар болмок эмес.

-Сабыры эмнеге суз? – деген Чарльз батына бербей Адияга карады. – Кандайдыр бир жоготуу болдубу?

-Иштеп аткан ишин, бүлөсүн, Мекенин – келечегин жоготушту, - деп кыргыз тилмечтин айтканын Адия чечмелеп берди.

Америкалык конок менен тил табышып кеткени Бекти катуу кубантты. Ошол себептен лингвистикага тийешеси бар кепке кайра өттү:

-Чарльз, эсиңиздедир, эмеле сизден даниялык тилчи Томсен туурасында сурадым. Байыркы кыргыздар бейитинин үстүнө орнотчу моло таштын бетине жазылган жазуулардын ачкычын таап окуп чыккан. Ал жазуулар кыргыздын эски жазуусу экенин алгач оозанган ошол Томсен болгон. Көп өтпөй анын пикирине Орусиядан академик Радлов кошулган.

-Албетте, бул мурдатан маалым. Ошондой эле ал жазуу байыркы кыргыздыкы болгон деген пикирге кийин академиктер Малов, Бернштам, Поппе да кошулган... – деди профессор Стивенсон.

-Эмне себептен анда бул чындык жүз жылдан ашуун өз аты менен аталбай келет?

-Эгерде Советтер Союзун ала кегенде, анда, менимче, бул жерде идеологиянын таасири болгон. Ал эми Америкага келсек, бизде, андай байыркы кыргыздар жазуусу болгону жашырылбайт.

-Байыркы кыргыз руникалык жазуусу ата тегиме тийешелүү, ал жазуу азыркы элимдин да мүлкү дешке акым барбы?

-Албетте! Ал эстеликтер аркылуу сиздерге байыркы тегиңердин акыл-эси, жүрөк мүдөөсү жетти дешке болор.

-Чоң атам «адам канчалык кыйлага кишинин эсинде жүрсө ал ошончолук узак жашайт» - деп калар эле.

Экинчи жолу Соня кофе кайнатып келди. Бирок америкалык конок жакында аэропортто болуп калышын эскертип, кофеден сылык түрдө баш тартты.

-Досум, Бек, сени айрыкча элиңдин өткөнү менен келечеги түйшүккө салат шекилдүү, - деген америкалык окумуштуу тилмечке карап, Адия аны которуп болгуча тына калды. – Бирок сен кантип, качандыр өткөн турмушка бул турмушта жашап атып күйүп-бышасың? Кантип ошентсе болот? Мен буга түшүнбөйм. Кеткен кетти. Ал эми кайтып келбейт. Ошондой эле келечек үчүн да кантип эмитен күйүп-бышса болот? Ал да азырынча колдо жок нерсе. Экөө тең адамдын ой санаасындагы нерселер…

-Чарльз урматтуум, чын-чынына келгенде, биз бир эле убакытта жашайбыз, - деп Бек коногунун кебине көнбөдү. – Бир адамдын жашап өткөн жолу – бул анын элинин тарыхынын уландысы эле десе болор. Ошол себептен кишилер башка эл арасында жашап атса да өмүрүнүн акырына дейре өз элинин атын чакырып жүрүп өтөт…

-Жакшы, ошондой эле болсун, - деген Чарльз кайра айтты. – Кантип, өзүң эч убакта болуп көрбөгөн, кеткен-өткөнгө кайгырасың? Келечекте да сен болбойсуң. Нагыз жашоо – мына азыр жүрүп атат. Мени менен сенин, Соня менен Адия жана балдардын арасындагы агып аткан убакта, дал ушул мүнөттөрдө!.. Так ошол, азыркы жашоо үчүн күрөшүү керек!

Бек биринчи жолу жолуккандан тартып Адияны тынарга окшоштурду. Капкара бакыракай көздүү, кайратту кара чачтуу, мурду кырдач Адия дайыма жоолугун ээгине байланып салынчу. Жанындагыларга караганда шамдагай баскандыктан дайыма эркектерден алдыда жүрүүчү. Тилмечтик кылганда каалаган жерин которуп каалабаган жерин которбой салуу адаты бар эле. Ошол себептен америкалык коноктун гана эмес кыргыз кожоюндун да кыйла кеби которулбаган бойдон кала берди.

Профессор Стивенсондун жоон үнү жоош нары сыпаа мүнөзү үйдөгүлөрдүн баарына жагып турду.

-Бек тарыхый мекенине баргысы келеби, сурачы? – деди ал.

-Сизди үйүнө баргысы келеби дейт, - деп которду Адия.

-Жок… - деген профессор кепке аралашты. – Тарыхый… мекен…

-Мекениңизге баргыңыз келеби? – деп Адия кайра айтты.

-Орто Энесайгабы? Миңсуугабы? Алтайгабы? – деди Бек.

-Yes!.. – деген профессор Стивенсон каткырып ийди. – Алтай! Ар бир түрк тукуму үчүн Алтай байыркы мекени! Алар эңсеген жер!

Бек Мурза сөздүн жүйөсүн түшүнө калып Адияга кайрылды:

-Мырзага мындай деп айтыңыз. Мен барсам деген калаалар: Вашингтон, Санкт-Петербург, Сиэтл, Самаркан, Одесса, Париж, Стамбул, Копенгаген, Токио…

-Токто… токто… - деген америкалык профессор кепти бузду. – Эмне себептен, мисалы, Петербургга барыш керек?

-Дараметинин кулу болгондор Питерде жашагысы келет, - деди Бек Мурза.

Адия которбой туруп алганда Бек кошумчалап айтты:

-Интеллектуалдык чөйрөгө Орусия бай. Бирок өлкөнүн ар башка аймагында анын өнүгүшү ар башкача. Ушул өңүттөн алып келгенде, мен, маскөөлүк интеллектуалдык чөйрөнү жырткычтык деп, ал эми питердик чөйрөнү таланттарды ача турган Меке деп айтар элем.

Бул жолу да Адия которбоду. Профессор анда суроо салды:

-Бек эмне себептен орусялык түндүк борборго барсам дейт?

-Питерде кыргыздын Черик, Тейит, Саяк, Бугу, Адигине, Кыпчак, Сарбагыш тукумдары жашайт, - деген Бек Мурза кепти алды. – Кырк уруудан турганы менен кыргыз ошончо эле көп сандагы эл да эмес. Бизде ар бир киши эсепте. Аларга

кимиси кайда жүрбөсүн, куду байыркы ата-бабаларыбыздай, алыстан көз салып турабыз, бирок тиричилигине кийлигишпейбиз. Барып көрүшүп туруу - кызык.

-Эмне себептен? – деген америкалык конок кайра да Адияга кайрылды.

-Санкт-Петербургда кыргыздар көп экен, - деп которду Адия.

Коноктор жолго чыгар алдында, Соня болбой аларга бир чыныдан грузин шарабын ичирди. Америкалык окумуштуу Прагага учуп аткан. Соня кайра да болбой атып, баарын кан жол алдында деп орус ырымын кылдырып, бир мүнөткө көчүк бастырды. Ошондон кийин гана сырт кийимдерин бердиртти.

**********

Көчөсүндө көрүп катарга чаңы жок, сейилдеп басканга ыңгай немистин эски калаасы Веймар ат арытып алыстан келген Бек Мурзага өзгөчө жакты. Европалыктар үйүр алган көп кабат үйлөрдүн катарында дегинкиси эки кабат салынган Веймардын тамташы, куду оюнчук үйлөрдөй көздүн жоосун аларлык кооз эле.

«Элефант» конок үйүнөн чыгары менен Бек, көчөнүн аркы бетинде турган досу, Леонардды көрдү. Ал кулачын жая ошол жактан салам айта утурлап басты. Алдын ала маакулдашылган убада боюнча ал күнү алар «Бухенвальд» эстелик комплексине барышмак.

-Бек, Мекениң кандай турат? Барып келип атасыңбы? – деп сурады Леонард конок үйүнөн биртке узашканда.

-Лео, досум, Мекеним абалын сурасаң – бары жайында, - деген Бек ойлонуп калды.

Бек Мурза акыркы жолу советтер бийлиги бар кезде айлына барганын эстеди. Ал жолу Бек өзүнө иши түшкөн кесиптештерине гана керектүү киши болуп калганын сезген.

Немистердин татынакай Веймар калаасында баратып Кыргызстанга баргандагы ошол жолку бир түн көз алдынан өтө баштады.

Таң агарып атып калганда Фрунзенин чет жагындагы кепе үйдө жерге салынган бир төшөктө төртөө жатышкан эле. Алды болуп ойгонгон Бек Мурзанын далысына чекесин сүйөп ошондо досу Асан Жапардын ыйлаганы эсине келди.

«Манас» учактык майданынан тосуп чыккан Асан досу эки жолдошу менен Бек Мурзаны жылуу жумшак «Пишпек» конок үйүнө дейре алып келишти. «Сейилге» кирип жайкы кечти кыскартып түн жамына Асандын жолдоштору үй-үйлөрүнө тарашты.

«Сейил» жабылганда Асан досу үйүмө барып жатып кел деп калды. Анан досу машине кармап жолдун боюнда калып Бек конок үйүндөгү өз бөлмөсүнө кирип заара ушатып, ачкычты чыгып келатып эшикти тоскондорго калтырып кетти.

Рабочий городоктогу эки бөлмөлүү үстү жапыс тамды Асан Жапардын үлөсүнө пенсиядагы Аккоён ижарага берет экен. Карыянын аты-жөнү ал түнү биринчи жолукканына карабай Бектин эсинде калган. Аккоёндун ажылдаган дөбөтүн карыянын өзүнөн бөлөк эч ким кармай албай койгон.

Такси минип келип үйдүн жанынан түшөрү менен ит ажылдап үрүп дарбазадан ичке киргизбей туруп алды. Аны Асан да Бек да кет деп кетире албай атышты:

-Мурена! Мурена! – деп итти чакырган Асан кыйкырып калып атты. – Мурена! Бул менмин. Ушул жерде квартирада турган таанышыңмын. Бир жылдан ашуун

ушул эшиктен кирип ушул эшиктен чыгып жүрбөймбү. Мурена ажылдаба, биз үйгө кирип кетели, чык! Эй, Мурена!

Караңгыда жыла басып келген бастек бойлуу чал арыдан эле алардын ким экенин сураштырып калды. Ошондон соң итин күпкөсүнө камап анан беркилерге кайрылды:

-Сиз Маскөөдөн келдиңизби? – деди карыя.

-Ооба, кечинде учуп келди, - деп досу Бектин ордуна жооп берди. Анда:

-Мен Чаар Бозгуновичмин, - деген карыя кайра да конокко кайрылды. – Аккоён дебеңиз. Чаар Бозгуновичмин.

Кысталышта айтылган кепти ошондо Бек Мурза эсинде сактап калган.

Жапар досу ижарага алган кепе үй Аккоёндун короосунун төрүндө экен. Ит үргөндөн улам эшике чыккан Асандын аялы Нургүл менен бойго жетип калган кызы Жаңыл тышта турушуптур. Нургүл азык-түлүк дүкөнүндө сатуучу болуп иштеп атыптыр. Жогорку класстагы кызын досу жакында Лейлектен чакыртып алышкан экен.

-Үйгө киргиле, - деген Нургүл конокко кайрылды.

Эки бөлмөлүү деген Асан турган үй чындыгында Аккоёндун мурдагы гаражы болуп чыкты. Үй издегендер көп болуп кеткенде анын ортосун фанера менен тосуп эки бөлмөлүү эсепте ижарага берчү болуптур.

Бек Мурза лингвист Асан Жапарды кыйладан бери билет. Айрыкча этнографияга арналган эсселери жакчу. Өз кезегинде ал да Бек Мурзанын котормолорун мактап калуучу. Кесиптери негизинде он беш жыл мурда таанышып, жакшы санаалаш болушкан экөө дос дээрлик таттуу мамиледе эле. Бек Мурза ошол себептүү Чештөбөдөгү туугандарына караганда Асан Жапарга көбүрөөк телефон чалып акыл сурап калучу.

Төө жайлоодон Фрунзеге билим алганы кеген Асанды жыйырма жылдай Бек билип, көрүп келет. Акыры илимий эмгек коргоп белгилүү окумуштуу болуп чыга келди.

Досунун майтарылбас кайратына Бек суктанар эле. Асан Жапар келип Фрунзеде туруп калганга беш жыл толуп толбой кыйлалар аны кадырлай баштаган. «Ак сөөк» аталышта жарык көргөн этнографиялык очерки кыйла маселени козгоп салган. Байыркы кыргыздын турмушун чагылдырган эмгекти эл жактырганы менен советтик идеология сындап чыккан. Асан Жапарды улутчул деп таанып китепти саттырбай, өзүн мурдатан иштеп келе жаткан университеттен бошотуп ийген.

-Мага Катаган же Тейит, Черик же Бугу болобу, Дөөлөс же Солто болобу баары бир, - деген Асан кепке кирди. - Түштүктөн болобу, түндүктөн болобу мага айырмасы жок. Тышынан караганда аркысы деле беркиси деле шыргыйдай келет. Түндүктүктөр гана мурдун көп тартат.

-Сен орустун герби сыңары эки баштуу болуп бараткандайсың досум, - деген Бек Мурза кепке аралашты. – Бир тумшугуң түндүктү, бир тумшугуң түштүктү карап калгандай. Бир туруп Маскөөгө карап, бир туруп Фрунзеге карап да жашап аткандайсың. Сага бир кишинин өмүрү аздык кылат.

-Эркиңче жашап аткан сен үчүн айтканга жеңил.

-Мени эркин жашайт дейт экенсиң да?!

-Кандай болгон күндө да менин маселем Маскөө кийлигишмейин чечилбейт. Мен аны жакшы билем. Кана, Бек! Ал жакта кандай кеп бар? Өзүң кандай жашап атсың? Же сен деле мен сыяктуу ал жакта ажалыңды күзөттөп олтурасыңбы? Кандай кеңешиң болот? Совет бийлиги сенин досуң - эки баштуу алгырдын канатын кыркып салган. Кайра өсүп жетилди дегиче, бул жерди желкемдин чуңкуру көрсүн деп, качууну самайм! Шул менин ичтеги санаам.

-Кайда учуп кимге барасың?

-Америкага! – деп Асан бапылдады. – Болбосо батышка кетемин.

-А азыр эмнеге ачууланасың? Канатың жетилгиче анда чыда.

Асан Жапар жооп берген жок. Таштай катуу мытыгый манжалары менен кыска алдырган чачын сыдырып ачуусу келгенин баса албай аткансыды.

-Менин жаалым өзүмө келет. Горбачевго жаалым келет. Мобуреки шүмшүк Аккоёнго жаалым келет! Анын мобуреки жаман гаражы үчүн ай сайын калтамдан айлыгымдын үчтөн бирин сөгүп турушум керек.

-Өзүң ушундай кепе куруп аны эмне ижарага бербейсиң? Кур! Сен да акча тап. Маселе опоңой чечилет.

-Кайда барсаң – мамайдын көрү! - деген Асан досунун кебин укпай өзүнчө кобурады. - Тегерегиң жалаң ушу аккоёндор! Жалаң аргындар! Күн санап көбөйүп баратышат! Тажатып болушту. Кайсы жакты караба – жалаң ушу, аргындар!

-Аргын дегениң кандай?

-Аккоёнуң - сарткалмак!

-Ошого күйүп-бышып атамын дечи? - деген Бек Мурза абдырап калды. – Баяле ошондой дебейсиңби? Ал чалдын алдында сен кыйла эле өйдөсүң! Беделдүүсүң. Ата намысын коргойсуң. Жакпайт экен – аларды тартипке чакыр! Титулдук улут өкүлү болгондон кийин аралашмасы барлар сенин алдыңда бүжүрөп тургандай болушсун! Сенин жашооңдо тартип сенин оюңдагыдай болсун!

-Тартипке чакыр дечи?! – деген Асандын таноолору кысылып, ызырынып калды. Көз ирмемге жетпей жанында жатка аш бычакты ала коюп Бекти карай шилтеп калды.

Учкан бычактын илеби Бектин оң жаагын желпип өтүп аркасындагы фанерага матып, «зың» дей түштү. Бек Мурза эсин жыйгыча аткан октой учкан экинчи бычак да илеби сол жаагын желпип өтүп арттагы фанерага матып, ал да «зың» дей түштү.

Бек Мурза сыңары эне-кыздын да ооздору ачылып шалдайып туруп калышты. Экинчи аш бычакты эри ыргытканда гана Нургүл:

-Э, кокуй! Бул эмне кылганың?! – деп чаңырып ийген эле.

Жапардын апкаарып чыккан мытыгый колдору үстөлдүн үстүн сыйпалап атты. Эне менен кыз конокко келген Бек Мурза сыңары окуянын андан ары өнүгүшүн күткөнсүп тура беришти. Дал ошол маалда кимдир бирөө эшикти тыкылдатып калды.

Акырын тык-тык кагылгандыктан тымм болуп турган тунжуроодо ал баарынын кулагын ого бетер түргүздү. Нургүл менен Жаңыл аркы бөлмөгө кире качышты. Шалдайган Бек Мурза маңдайында досунан көзүн албай олтура берди. Түйүлүү муштуму менен үстөлдү бир салган Асан анда ызгырына сөгүндү:

-Атаңдын оозун урайын Аккоён! Анткорлонбо! Каалганы бери түрт! Эшикти жаппашымды унутуп калдыңбы? Өзүң кир, сага эшик аччу мен эмес!

Тышкы эшик ачылып, караңгы түндү аркасы менен жапкан Аккоён ичке кирди.

-Кайра да цирк курдуңбу? – деп карыя ижарачысына мурду менен бир тийди. – Артык баш акчалуу болдуңбу? Сени эсирткен эки чатың ортосундагы энегиң! Мобул коногуң мени түшүнүп турат. Энегиңди бычууга да кез келет! Дагы жакшы эпчи жагың үйдө жок экен.

-Чаар ата, биз мындабыз! – деген Жаңылдын үнү фаneранын артынан угулду. – Атам күнөлү эмес. Анын колтугуна башкалар суу бүркүп жанын кашайтып жүрүшөт.

Ал арада Аккоён басып келип Бектин көөнөргөн чүпөрөктөй боппоз жүзүнүн алдына тура калып, эки бычакты сабынан кармап бир булкуп тартып алды. Фанерадан кычырап суурулган бычактарды алып келип Асандын алдындагы үстөлдүн үстүнө таштады. Кайра келип Бекти жаактан ары тартып ийди! Артына

кайрылып келип Асанды да жаактан ары тартып ийди! Бек Мурза эсине келе калганын туйду.

-Биз кыргыздар ушундайбыз! – деген Аккоён анан күңкүлдөп тышты карай бет алды. – Кырк жылкыны алдыбызга салып айдап алдык дегиче адам болуудан калабыз. Сыймык, ата-эне, ар-намыс дегенди, абийир дегенди унутуп салабыз. Айбан болуп кетебиз!

Аккоён ачкан эшиктен кайра да караңгы түн көрүнө калып, бирок бул жолу Бек Мурзанын көзүнө жаркыраган жалдыз кошо көрүндү.

Окуянын уусун алар ичимдиктин күчү менен басмак болуп аракка киришти. Асан досу катып келаткан фрунзелик соот чыгарган «Столичная» бар экен оозун дароо ачышты. Бир нече убактан кийин аябай мас болгон Бек тырп жыгылып катуу уйкуга кирди.

Корооздун чакырыгы Бек Мурзаны ойготуп ийди. Көзүн ачса үйдүн ичине элдир селдир жарык кирип калган экен. Оң ийнине ийни тийип Асан андан ары Нургүл уктап атышыптыр. Сол ийнин жылыта дем алып Жаңыл уктап жатат. Жерге салынган бир төшөктө жатышкан экен. Тыштан кайра да короз чакырды. Бек Мурза бала кезинен бул жаныбардын үнүн укпаганын эстеди.

Чалкасынан жаткан Бек өйдө болгусу келди. Аңгыча кулагынын түбүнөн небак уйкусу ачылган Асандын үнүн укту:

-Бек, сен мен жиндинин жоругун көөнүңө алба… Кечир досум…

-Сен эмне уктаган жоксуңбу? – деп Бек таңдана сурады.

-Өмүрүбүздүн жарымын уйкуга кетиребиз, андан не пайда? Сен тим эле, куду айбандай уктайт экенсиң. Дымың чыкпай, момурап тынып турган Ысыккөлдөй уктайт турбайсыңбы.

Бөлмөнүн ортосуна салынган төшөк төртөөнө тарыраак эле. Четиндегилер тургуча ортосунда жаткан конокко өйдө болуу ыңгайсыз болучу.

-Мына, мени ал, - деген Асан Жапар таң сүрө электе кепке кирди. – Киммин азыр? Бир жолу маркум Юдахин эне тилиңдин семантикасы жатат, ошону колго ал деп айткан. Дыңы көтөрүлө элек жумуш ошол деген. Өзүңө тамак таап берүүчү иш ошол деген.

-Асан, чынын айтышыбыз керек, Константин Кузьмич, нагыз кыргыз эле, - деп кепке кошулду Бек Мурза. - Анын калтырган эмгегин ачкан сайын эсимде ушул турат. Ал улуу окумуштуу гана эмес улуу адам да эле. А сен үйүңө конок чакырып алып анан жаш балача ага бычак кесейсиң.

-Ой, бул жайынча эле жасалган тамаша, - деген Асан досун жайлады. – Мен аны дайыма канымды кызытыш үчүн жасаймын. Бычакты мен дротик ордуна ыргытам. Жүрөгүң түшүп калган жокпу? Сестенүү адамдын канын жакшы чуркатат. Куду сенин Черик урууң сыңары менин Жоокесек уруум да туулганда эле жоокер боло туулушкан. Шондуктан сен экөбүз үчүн мылтыкты октолуу кармоо - милдет. Карысы кеткен билек - үзөңгүсү кесилген токумдай.

-Жазым кетиришиң деле ыктымал эле да!

-Мен ар күн сайын көнүгөм. Ачыгын айтканда сенин кайратыңды сынагым келди.

Анан биртке тыныгып алып Манастан баштады:

-«Баягы Манас да турду,
Алтын доол бир урду.
Маңдай-тескей турушту...»

Манасты укканда көңүлү ээлиге түшкөн Бек Мурза анда досун коштоп кетти:

-«Алеңгир жаа, сыр жебе
Аңдасаң сонун жумушту.
Оройпо жебе чалганы,
Окторду кездеп алганы,
Оён Манас баатыры
Сокту доол акыры...»

Анда ага Асандын коңур үнү кошулуп тар үйдүн ичин кеңейтип, бир төшөктө укташкан эпчинин кулагын түргүздү. Кош үн бирге жаңырып таң алдында эки дос Манас айтып атышты:

-«Ошону көргөн капыры
Калган эмес акылы,
Шарт этип саадак тартылды,
Өнөрү журттан артылды.
Саадактын огу жеткени,
Бөркүнө таккан чогуну,
Үзгөн бойдон кеткени.
Саадактын көрдү огуну
Барын кыркып өтүптүр
Тебетейдин чогуну» - дешип келип токтошту.

Анан бирин бири капталга нукушуп каткырып калышты. Нурүл менен Жаңыл түйшөлүп калышканын көрүшүп ооздорун колдору менен басышып, токтой калышты. Бирткеден кийин Асан Жапар:

-Болду эми мен айбандын айыбын кечир иттик менден кетти. - деп досун жайлады. - Андан көрө Маскөөдө эмне кеп бар ошону айт. Ал жакта менин эмгектерим белгилүүбү? Деги менин бар экенимди алар билишеби?

-Асан, сени дос экен деп көңүл улап калп айткым келбейт. Маскөөдө сени бир да жан билбейт, - деди Бек Мурза.

-Эч ким де? – деп Асан Жапар ойлонуп калды.

-Бир дагы киши. Сен ал жактын эсебинде жоксуң. А бул жерде катарда барсыңбы? Жок. Ошол сыңары.

-Бек, сенин бооруң таш деги...

-Чындыкты билгиң келген өзүң. Мен сен болсом Маскөөдөн өзүмө жылуу мамиле күткөндөн көрө колумдан келгенди жасап, өзүмчө жашаганга үйрөнөт болчумун. Өзүмдүн эмес көптүн ишин жасаганга өтөт болчумун. Кыскарта айтканда өзүң жөнүндө көп ойлосоң демократ же бүйрөкрат болуп кетесиң.

-Кордодуң Бек, кордодуң, - деген Асан Жапар бышаңдап кирди.

Ыйга кирген досуна таң кала тигилген Бек Мурза кечээки ичкени ичинде калып жашытып атабы же чындап эле Маскөөдө өзүн киши билбейт деп чачылып атабы деп ойоно калды.

-Канча жолу канатымды сабап алыска учайын дедим. Ал жакка барайын дедим. Өзүм мында таалайым Маскөөдө чечилип атканда ал жакка барып аралашайын дедим…

Үчүнчү жолку корооздун чакырыгынан тарта үйгө жарык кирип таң агарып атты. Терезенин тушунда мөңгүлүү тоонун башы дана көрүнүп калды. Алды болуп төшөктөн турган Нургүл шашып-бушуп көйнөгүн кийип тышка кетти. Анын артынан Жаңыл турганда Бек Мурза ал жакка карай коюп, Жаңылдын энеден туума жылаңач экенин көрдү. Коноктун караганына жазганып койбой, бойго жеткен кыз гүлдүү көйнөгүн башы ылдый кийди да боорун топчуланып, олоң кара чачын тарап,

бир өрүм кылып өрдү. Ошондон кийин терезени кең ачып андан ары аттап, тышка чыгып кетти…

Бектин эсинен ушул кездешүү зымырап жылып өттү. Ал туурасында немис досуна ыгын таап айтып бере албады.

-Сен абдан катуу ойлонуп калдың, досум мен алаксы болбоюнчу деп унчукпай келемин, - деди Леонард Линкс акыры. – Кана, эмне дейсиң?

-Азыр эле мекенимде болуп келдим, урамттуу Лео, - деп күлүмсүрөдү Бек Мурза .

-Аман-эсен жатышыптырбы? – деген немис досу кыт-кыт күлдү. – Баары жайында бекен?

-Баары жайында экен, - деди Бек Мурза да жылмайып.

******

-Нагыз шовинист[2] мына мен! – деген Юрий Уста алдындагы «Столичная» арагы куюлган рюмканы тартып ийип артынан «Жигулевское» пиво куюлган кружканы кыйла бөксөртө жутту.

-А мен «нацмен[3]», - деген Бек Мурза досун тууралагансыды. – Эшегине жараша тушагы деп ушуну айтат. Бул экөөнөн бир түшүнүк келип чыгат. Тuурабы?

-Бек, сенин улутуң – советтик боюнча калган, – деген акын торой жооп айтты. – Сен мындан ары деле бардык элдердин эркиндиги менен теңдигин коргочу киши болосуң. Мага калганда иш башка, мендеги абал өзгөчө.

-Юрий, сен экөбүз ондогон жыл биргебиз. Канча башчынын сурагын көзүбүз менен көрдүк. Биз институттун босогосун аттаганда саясий бүйрө Никита Сергеевичти бакчачы кылып салганын көрдүк. Анда сен албууттанып мен «Манасты» которчумун деп мага эпосту айттырдың. Кийин улуу чыгарманы которууга көрөңгөң тайыз болгондуктан шаа жеткис экен деп андан баш тарттың.

-Бул сандрак кеп.

-Анан брежневдик жылалбай калган жымжырттык башталды. Твардовский[4] өлгөдөн кийин «Новый мир» журналына Наровчатов[5] келип сенин ырларыңды жарыялады.

-Черненко менен Андроповду да сен экөбүз көмдүк. Бийлик саздын кара чымынындай кырылууда, а экөбүз тирүүбүз!

-Черненко абышканын сыркоодон башы арыбай жүргөнү эсимде. Келесочалыш да киши эле. Андропов талапты катуу койчу. Ыр жазчу.

-Ооба, анын ырларын окуучуларга жайылтып жүрүп Марийам Казак жазуучулар уюмунун айлык алып иштеме катчылыгына жеткен, - деген акын рюмкага арак кружкага пиво куйду. - Анан Горбачев менен Ельцин келип будуң-чаң сала башташты.

-Биз айт дегенди гана эмес акылыбыз жараткан оюбузду айткандан жалтанбай калдык. Тилегенибиз ошентип келди. Ыя?

-Мага эч айырмасы жок. Сынчылар мурда кандай жанды коюшпаса азыр деле ошондой жанды койбой асылышууда.

-Сынчы дегениң өз түшүнүгүн башкаларга таңуулачу жан. Ага ызаланып болбойт. Алардын жаратылышы ошондой. Оопай болбоо керек, досум. Ыза болуудан башка да иштер көп.

-Орус өзүн ыза кылганды эч качан кечирген эмес… Бек, сенин мага боор ооруганың жакпайт. Ошону менен сен мени кордоп атасың. Мен орус шовинистимин! Ошондой болгонум үчүн сыймыктанамын! Же сен менден космополит[6] өндүрсөм дейсиңби?

-Эмнеге андай ойлойсуң?

-Бек, мына бул жерде олтуруп сен… өзүңдү башка элдин камын жеген киши кылып көргөзгүң бар. Жалпы кызычылык үчүн күрөшкөн киши болуп көрүнгүң бар. Чын-чынына келгенде сен кимсиң? Сен ушуну билесиңби?

-Киммин мен?

-Сен дагы эле советтик люмпен[7] бойдонсуң! Байыркы Руста биз сыяктуулар сен сыяктууларды кул деп койчубуз!

-Юрий, сен кантип оозуң барып өзүңдү улутчулмун дейсиң? Катыныӊ калмак, балдарыңын жарымы орус жарымы калмак.

-Ой жүгүртүүң дагы эле советтик кездей. Андай экен Бек, сенин да катыныӊ кыргыз эмес. Сенин да балдарыӊ жарымы татар жарымы кыргыз. Ошого карабай бүтүндөй кыргыз таламын талашып атпайсыңбы?

-Юрий менин айтаарым – кыска. Мындай жашоону бизге советтик түзүлүш кызыкчылыгын көздөгөн саясатчылар таңуулаган. Ар кайсы улуттан куралган үй-бүлө эл достугун чыңоонун айкын мисалы дешкен. Биз болсо жүрөк сезимибиздин кулу элек.

-Андай үгүт жүргүзгөн советтик төбөлдөр кызматынан өйдөлөгөн. Алардын тилине кирген советтик жарандар элинин көзүнө жаман көрүнүп, баркы баасынан ажыраган… Бек, болбогон кепти айтып, башты оорутпа! Бүттү! Базарда кепти башкага кой. Өңгөм аз келгенсип эми сени менен жакалашкыдай алым жок.

Досунун айтканына Бек ичинен макул болду. Анын жеринде да Советтер өлкөсү урай электе эле ар кайсы улуттан баш кошкондорду жактыра бербечү. Анын каршысында коммунисттик идеология ар башка улуттан баш кошкондор - адам баласынын келечеги деп айтышчу.

Андай бүлө Бүткүлсоюздук Түркстандан Сибирге чейин темир жолун салууда, дың жерлерди өздөштүрүү же Байкал көл жээгинен Амур дайрасынын жээгине дейре темир жол салу эпкиндүү эмгек этүүгө чыккан комсомолдор арасында жаралуучу. Ал тургай элиталык тармак космонавтиканы да ал маанай кучагына алган эле. Чуваш улутунда космонавты Хрущев орус улутунда космонавт кызга үйлөнткөнү жалпыга белгилүү. Бирок кийин алардын оту күйүшпөй калганда Брежнев уруксат берип, алар ажырашкан эле.

Совет бийлиги элеттик жаштарды өнүккөн калааларга жиберип, ички шаарлардын жаштарын алыскы чектерге жиберүү иштерин жасап турган. Калаага келген жаштар номенклатура тарбыясына кабылып, жарагандары алардын ордун басып ал эми элетке чыгарылган шаардык жаштар ал жактагы партиялык жетекчилерди алмаштыруучу. Бек Мурза менен Юрий Уста да ошондой бийлик жер которткон жаштар катарын түзгөн.

Экинчи курска келгенде Бек Мурза сүйлөшүп Соняга үйлөнгөн. Келинчегинин таята, чоң аталары большевиктер бийликти алганга дейре Маскөөдө жашап, небактан тукуму ал калаада тараган бай татарлар болушкан. Арбат көчөсүндөгү заңгыраган тамташы, короо жайы, чакан сооту бар бай татарлар эле. Совет бийлиги Маскөөгө басып киргенде алардын менчигин мамлекеттештирип, балдарын кармап, жангыз башын аман коюп, аларды бир аптанын ичинде томаяк кылган. Кор болгон карылар жетим калган кызыл чиедей небере, чөбүрөлөрү менен совет бийлиги берген Смоленская аянтындагы коммуналдык үйдүн бир бөлмөсүнө көчүп кирип жашоосун уланткан.

Маскөөлүк татарлар Соняны ошон үчүн мурда эски бай тукуму дешип айрыкча сыйлап турушчу. Бирок ал бойго жетип кыргыз тукуму Бек Мурзага турмушка чыкканы Сонянын көзү жокто: «Бул эмне деген жорук? Ушунча татардын ичинен ага бир беделдүү киши табылбаптырбы?», - дешчү болгон.

Ушундай эле маанай Бек Мурзанын туугандары арасында да бар эле. Кичи мекени - Чештөбөгө бара калганда ал айрыкча байкалчу. Совет бийлиги орногонго дейре атагы алыска кеткен Мурза байдын чөбөрөсү келиптир деген кабарды уккан чештөбөлүктөр аны утурлап тосуп алып, Бектин чачпагын көтөрүп жанында кошо жүргөндү жакшы көрүшчү. Чыгымын жеке төлөп, атын алып, аткарып, жолго узатып коюп турушчу. Бирок кийин ал татар кызы Соняга үйлөнгөнү билинип, ошондон тарта чештөбөлүктөр Бектен жаа бою качып калышкан.

Ангыча ар кошкон элден советтик жаңы улут жасоо тажрыйбасын таш каап, СССР ураганы ага жеринен каршы турган улутчулдардын күнү тууду. Алардын түшүнүгүндө улуттун тазалыгы биринчи кезектеги маселе болду. Кайсы бирлери улуттун «нагыз жүзүн ачуу» уранын айтышчу болду. Ар кошкон улуттан жаралган бүлө, аргын балдар көзү жокто да көзү барда да алар тараптан кысымга алынуучу болду.

Ушундай козголоң маанайдын күүсү менен Орусияда алгачкылардан болуп ачыктан ачык уюшулган «Эс» аталыштагы улутчулдук уюм түзүлдү. Жаңы кездин жышанасы катары кабылдаган бийлик ага тийбеди. Ал уюмду түзүүгө анын кол башчысы Владимир Васильев чоң салым кошту. Бөтөнчө мүнөздүү, сөзгө чебер нары уюштургуч киши болуп чыкты. «Эс» уюмунун жогорку тажрыйбалуу юристтери бар эле. Ошондой эле чакан куралдуу түзүлүшү да болгон. Уюмдун өнүгүшүн каржылагандар дегинкиси «көлөкөдө» пайда тапкандар болушкан. «Эс» уюмунун түпкү максаты бүтүндөй өлкөгө өз таасирин жайылтуу жана өлкөнү орус эместерден арылтуу болду.

«Эс» торолуп, коомдон өз ордун таап калганда Кремлдин көргөзүүсүнөн улам коопсуздук күчү, кечээки эле КГБнын түзүлүшү, аларды тооруп калышты. Бийлик түзүлүшүнүн кысымы уюмду ичинен бөлүп-жара баштады. Бир нече жылдан соң Васильев болгону Маскөө жана маскөөлүк обулуска таасири бар кадыресе улутчулга айланды. Анын мурдагы сырдашы Баркашов «Эстен» бөлүнүп чыгып өз партиясын түздү.

Канткен менен «Эс» кыймылынын мамлекеттик төбөлдөргө чоң таасири болду. Ошондон тарта жаңы уюшулган партия же кыймыл болсун калк арасында пайда болгон улутчулдук маанайды эске алышчу болушту. Уюмдун программасына улутчул шаанидеги чакырыктарды кошчу болушту. Саясий төбөлдөр кайсы баалуулукту коргоп атышпасын: либерал болобу, коммунист же социалист болобу, дыйканчылык же машине айдоочулар кыймылы болобу улуттук жана улут маселесин көч башына коюшчу болду.

Жаңырган Орусиянын алгачкы кадамында бийликте турушкан эки президент тушунда улутчулдук маанайы жугуштуу оорудай бул жагы Калининграддан тигил жагы Владивостокко дейре кулачын жайды. Тышы советик мүдөөгө каршы коюлгансыган ичи улутчулдук аң-сезим кыймылы таркап орус улутунда элди тымызын камылга жедире баштады. Алардын таасири кеңири кулач жайган чөйрөлөргө Маскөө, Санкт-Петербург, Новосибирск, Екатеринбург, Воронеж болушту. Өлкөдө улутчулдук иси урбагандар олигархтар, саны жагынына аз улуттар өкүлдөрү, аргындар, улгайып үйдө олтуруп калгандар, майыптар жана ашынган либералдар болду.

Ал арада горбачевдук перестройкадан кийин туулган муун жетиле баштады. Алар советтик турмуш эмне экенин билишпей өстү. Алар көп улуттук аң-сезими өнүккөн советтик кезден такыр башкача таалим алып жетилишти. Борбуюо толо элек кезден алар бардык элдердин эркиндигин жана тең укуктуулугун коргоону жерип чоңоюшту. Алар кыргыз, тажик, өзүбек, грузин, армян сыяктуу мурда боордош делген советтик элдер туурасында эч нерсе билбей, билгиси да келбей өсүштү. Батыштын жаштарын туурап орустан башканы көрсө каны кайнаган

алардан өзүн коргоого ошол үчүн өзүнө окшобогондорду жок кылууга даяр турган жаштар болуп чыгышты. Чачты тысырайта алдырып кийимди булгарыдан кийип, батышта скинхед – «такыр баш» атанган жаштарды туурашчу болду. Орусиялык такыр баштардын бир даарысы кадимки эле көчөдө жолугуучу ээнбаштар болуучу. Алар өңү славянга окшобогондорду уруп, тоноп, карактап кетишчү блду. Ал эми такырбашчылар арасынан улутчулдук мүдөөнүн жолун жолдогон жаштар дымып кайнаган казандай машыгууну тымызын өткөрүп, кол салууну алдын ала божомолдоп орус эместерди өлтүрүүнү уюштуруп коюп карматпай, кутулуп кетип турушту. Жаңы Орусияда дал ушундай жаштар топторун эл мурдагы «Эс» кыймылынын ишин улантуучулар деп атай башташты.

******

-Сен мени кул дейсиң, - деген Бек Мурза досуна капталын салды. – Бирок мени кулга ким айлантты? Сенин ага-инилериң…

-Бек, кепти жыйыштыр! Унчукпа! Иче турганыңды ичип жей турганыңды жеп жөн олтур. - деген акын арактан шыңгтып артын пиво менен бастырды. Бек жооп берейин дегиче үстөлдүн жанына келген бейтааныш салам айтып калды.

-И-и, сен белең… Качан келдиң? – деп акын оозу бош амандашкан соң Бекке карады. – Таанышып ал, Ежи Вайда. Варшавалык болот. Менин ырларым боюнча китеп жазганы жүрөт.

Бек саал өйдө болуп сунулган коноктун колун кысып кайра олтурду.

-Биз, Бек экөбүз эски доспуз. Институтта бирге окуганбыз. Жатаканада бир бөлмөнүн өйүз-бүйүзүндө туруучубуз, - деп кошумчалады Юрий.

Чакыртылбаган конок олтургуч алып алардын үстөлүнө кошулду. Бек бош рюмкага арак куюп коноктун алдына жылдырып, дасторкондогу тамак-аштан анын табагына салды.

-Жакшы ниет кимди болбосун жакын кылат, - деп Бек Мурза кепке аралашмак болду.

Бирок келген конок ага көңүл салбаганын көрүп тынып калды. Бек бул сөздү кечээ Адиянын оозунан уккан. Аны Чарльз досу айткан эле. Ал Прагага сапар алып атып Шереметьево-2 учактык майданында Бек Мурзага кайрылып ушундай деген.

Анда Юрий досуна тигиле карап туруп айтты:

-Бул мени менен баарлашып кийин аны журналга бастырамын дейт. Баарлаша аламбы жокпу мен билбей турам…

-Эмне үчүн? – деген поляк таң калды. – Азыркы заманда өз кесибин акын тургай жол салып жүргөн жумушчу деле айтып берет.

-Жумушчу – өз кесибин өздөштүрүп болгон устат, акын – бүт өмүрү изденүүнүн үстүндө жүргөн шакирт!.. Биздин айырма ушунда.

Ежи бурулуп, Бекти кыйлага карап турду да анан:

-Илгери-илгери бир акын жашаган дейт… - деп чаргытма кеп баштады. - Көзүнө тоо көрүнсө тоону, асман көрүнсө асманды, суу көрүнсө сууну ырга айлантып ырдаган дейт. Ал заман бизден артта калганы менен андай акындар силерде азыр деле бар деп угамын. Ошол себептен силерде ким көп ыр жазса аны чоң акын дешет дейт ушул чынбы?

-Жалган! Акын сапаттуу гана ыр жаратат! – деп, айгак айткан Юрий Уста бери жактан чыкты.

Бек ойлонуп алгыча Юрий:

-Көзүм эмнени көрсө оозум ошону ырдайтпы?! - деп жана бир ирээт кайраштырып ийди.

-Ошондойбу?.. Мидин, Райкан, Байдылда… - деп баштады Бек Мурза. – Ал акындарды кээ бир сынчылар кыргыздын Хлебникову деп коюшат. Алар эң таланттуу саптарын шарап же бангинин күүсү менен жаратышкан.

-Бүттү! Үстүнөн түштүң! – деп бакырып ийген Юрий үстөлдүн үстүн дүңк эттире муштап калганда, шарап куюлган бокалдардын капталдары урунуп, «чың-чың» дей түшүштү. – Арымдуу акындын көңүлү – түбү түшкөн челек эмес! Ал да элирүү, эргүүгө муктаж!

Ары жактан келген официант келин Юрийге анын колуктусун эшик тоскондор киргизбей атат деп айтып кайра кетти. ЦДЛге демейде жазуучуларды киргизгени менен алардын бүлөсүн киргизбөө тартиби бар эле. Акын ордунан оонап туруп атып:

-Катынды булардан куткарып албаса болбойт! - деп кобурай ары басты.

Ежи сынчы аракты накта ичип артынан боржоми суу жутуп, тамекини үстөккө-босток тартып олтурду. Бек армяндык коньяктан ууртап-татып ичип, артынан тамакты баса жеп тамеки чекпей олтурду. Юрий Уста келгиче эч кимиси ооз ачпады.

-Мына менин колуктум! – деген акын ээрчите келген жубайын карай колун жаңсады. – Эч кошулмасы жок, таза калмак!

Бегайымдын бою да эриникиндей узун келишкен жан болуп чыкты. Узун кара чачы ийиндерин көөмп, ууртташы уялыңкы жылмайып туруду.

-Бегайым, - деп коюп эрине кайрылды. – Ушул жерге кантип тыгылып олтурасыңар? Чер жазгыңар келсе жакшырак орун таап алып анан чардабайсыңарбы.

-Мас болууга себеп жок! – деди акын.

-Сага күндүн туулушу деле себеп, - деп Бегайым болбоду.

-Күндүн туулушу, демек, тирүү экенибизди майрамдоо! Ал арзырлык иш.

Бегайым ичке киргенден аны сынай карап күлүмсүрөгөн Ежи Вайда ошондо:

-Жүрөк түшкүдөй киши турбайбы! – деп Юрийге бурулуп карап калды.

-Кимди айтасыз? – деген Бегайымдын оң кашы серпиле түштү. – Ал ким?

-Албетте сиз эмес, Юрийди айтам, - деген Вайда оюн тактады.

-Ай, поляк! – деп акын тарк этти. - Сени аялымдын калмак экени козутуп салдыбы?!

-Юрий, жүрү кетели! Мария Ивановна эл чакырыптыр. Ал жерге либералдар чогулат, – деп поляк капилеттен сунуш киргизди. – Баса, ал жерде чогулгандар сенин ырларыңды жогору баалап жүрүшөт.

-Сенин Мария Ивановнаңды ......! – деген акын тарк этти. – Ырды мен аларсыз жазамын!.. Алардын жасакердигине мен таңсык эмесмин!

-«Сенин» эмес «Сиздин», - деген сынчы ордунан ыргып турду. – Менимче, мага калганда чоң жаңылыштык кетирдиңиз!.

-Жаңылыштыкты көрдөгүдөн башканын баары кетирет! Бар! Куйту!

Бул жерде калуу болбой калганын түшүнгөндө Ежи Вайда жылып чыгып анын артынан бирткеден кийин Бегайым да кетип, эки дос кайра да шишелер арасында калышты.

Орун которууну ылайык көрүшүп Бек менен Юрий ресторандын чоң залына көчүштү. Жазалма очоктун алдынын орун алышты. Дасторконго кошумча кызыл балык, жер-жемиш, жашылча, ысык тамагына сарымсак чыктуу коендун этин алышты. Таттысына деп коон, артынан түркчө кумга көөмп кайнатылган кофе алышты.

Чачты жылтырата майлаган жигит көөнө роялда тынбай ойноп атты. Алтымыш орундуу залда келгендер арасы сейрек эле. Олтургандар дегинкиси бирин бири жакшы билишкен жазуучулар чөйрөсү болот. Ошондуктан алар өз үйүндө, өз бүлөсү менен олтургандай ээн-эркин эс алышар эле.

-Бир нече жыл болду мен туш-туш жактан саны жагынан аздык кылган элдер өкүлдөрүн куугунтуктоо күч алганын байкаймын,- деди Бек Мурза бирткеден кийин. – Юра, сен үчүн деле бул көрүнүш жаңылык эмес деймин.

-Өзүнө окшобогондордон коркуу дайыма боло берет, - деген Юрий Уста ойлуу жооп берди. – Жаман жери аны саясатчылар өз максаты үчүн пайдаланышат. Бирок мына мени алалы, мен – орусмун. Орус болгонум үчүн сыймыктанамын. Эмнеге сыймыктанбашым керек?! Ансыз биз өзүбүздүн күн көрүп суу ичүүбүздүн учугун жоготуп коебуз.

Залга капилеттен башбагышкан белгилүү акындар Егор менен Константин да поляк сынчы сыңары качырып келип Юрий менен амандашып калышты. Бош орундарга олтуруп, «Новый мирге» чыккан Юрийдин акыркы ырларын жерге-сууга тийгизбей мактап киришти. Бек армян коньягынан эки рюмкага куюп акындардын алдыларына жылдырып артынан кайыңдын ширесинен бир, долоно ширесинен дагы бир бокалдарга куюп аларды да алдыларына жылдырды. Бирок акындар кыйла алагүү болуп алышкан экен алардан ооз тийишкен жок. Бирткеден кийин Юрийди экөө эки ийинден ала, кыйлага уйпалап, жерге сууга тийгизбей мактап жүдөтүштү да ыргала басып чыгып кетишти.

-Иудалар![8]- деп Юрий, алар чыгары менен залдагылар толук уккудай катуу бакылдады. – Жүзү кара митаамдар! Ырларымда атамды жаманатты кылган жери буларга жагат. Ошондон улам мени жакшы көрүп атышпайбы. Бирок мен айтайын деген ойдун четин да түшүнүшкөн эмес. Түшүнгүсү келишпейт! Атамды мен жаманатты кылганым жок!.. Атам өзүнө ошондой турмуш куруп алгандыгы үчүн аны айыптадым! Андай турмушту курмак турсун кайра талкалап жок кылыш керек болуучу.

******

Колун жууп келгени Бек Мурза ары басты. Чоң залдын дааратканасы экинчи кабатта эле. Айланып чыкма жыгач тепкичтер менен көтөрүлүп, экинчи кабаттын оң бурчундагы жарык бөлмөгө кирди. Чоң күзгүнүн тушуна туруп муздак сууну кенен агызып бетин жууду. Анан ички чөнтөгүнөн намыянын алып акчасын санаганга кирди. Баш бармагын жалап алып акчасын санап, алынган тамак-ашка кенен жетерин көрдү. Намыянын кайра чөнтөгүнө салып жай басып ылдый түштү.

-Шайтан алгырдыкы Бек! Ушунча да жоголосуңбу?! – деген Юрий чычаладай кызарып уруша кетти. – Мени эмнеге жангыз таштап салдың?! Сен тигил жакта жүргөнчө бул жерде жөөттөр мени бир эмес эки жолу өлтүрүп кете алышмак! Сен, дос! Мындайыңды коюп жүргүн. Алар дайыма артымдан аңдып жүрүшөт! Эсиңде болсун!

-Юра, бул жоругуң сенин өз көлөкөңдөн корко башташыңды билдирет, - деген Бек таң калды. – Соосуңбу деги? Кыргызда илгери-илгери Италы-Суртайган уруусу ушу сендей болуп...

-Качанкыга дейре жомогуң менен мени багасың?! – деген акын ого бетер терикти.

-Жомокто сыпайы айткан ишара бар. Адамга – ишарат, айбанга – келтек дейт, - деп Бек досуна карап көзүн ымдап койду. – Бул легендада кыргыздын түпкү аталарынын бири өзүн жаныбарлардан артыкча көрүп, бөлүнүп жашайм деп ошонун айнан өзүн өзү кырып алганы айтылат.

-Ишенгим келбейт…

-Италы-Суртайган сыймыктуу уруу түпкү теги сыңары Юрий сен да болмуштан өзүңдү туш-туштан тосуп салып анан кимдир бирөө өзүңдүн баасыз өмүрүңө кол салып атат деп коркуп-үркөсүң.

-Жок, Бек айтканыңа маакул эмесмин. Жомогуңду кое тур мен сага башка кеп айтайын. Сен Азиянын жүрөгүндө туулуп чоңойгонсуң. Туурабы? Кыргызсың. Туурабы? Азыр сен даараткага барып ал жерде…

-Даараткага барса эмне экен?

-Токто, кепти ук, - деп Юрий Уста кайталап айтты. – Ал жерде сен бүгүнкү олтурушта менин канча акчага тамак ичип-жегенимди эсептеп келдиң, туурабы?

-Үстүнөн чыктың! - деген Бек делдейип калды.

-Бекер кыласың! Мен сыңары андай жоругуңду башка актар да дайыма билип турушат. Европалыктар силер туурасында айтып жүргөн бир жашырын айың бар. Мен аны сага айтайын. Алар: «меймандостук – жапайыларга мүнөздүү», - дешет. Менин өзүм ичип-жегенге өзүм төлөгүдөй алым бар. Сен андан кам жебе.

-Дүйнө көп кырдуу. Ошон үчүн ал улуу. Менин намыяныма келсек… Юрий, анын ичинде сом да, рублей да эмес доллар жатат… ал кыргыздын да орустун да акчасы эмес ал - американын акчасы…

Айгыр кишенегендей зоңкулдап каткырап калган Юрий:

-Кайдан жүрүп ал намыяныңа түшүп калганын мен - сурабайын сен - айтпа! - деп кошумчалады. – Бек, сага айтаарым – силердин акындык мурасыңар - түбөлүк калуучу кенч. Бир эле «Манас» эпосу кыргыз элин дүйнөлүк элдер маданиятынын тарыхында калтырды. Андан тышкары дагы канча кенже эпосуңар бар дейсиң. Дүйнө акырындап аларды ача баштаган сайын кыргыздын көөнөргүз руханий дүйнөсүн кошо ачып олтурат. Айтматовдун чыгармасы менен эмес ошол, баа жеткис элдик чыгармачылыктан дүйнө силер туурсында толук кандуу кабар алышат.

-Юрий, каяша айтууга ырайым эт, - деген Бек кепти бузду. – Бааны өз түшүнүгүңө салып коюп атасың. Ошондой болгондо да Айтматовдун чыгармалары Кыргызстанда эле эмес жер жүзүндө бааланып атат.

-Тарыхтын учурдагы үзүндүсүндө кыргыздарга Айтматов керек. Анын аты, куду футбол оюнчу Пеле[9] сыңары, элди даңазалайт, кыйланын акылын дүүлүктүрөт. Анын ысмынан улам кыргыз деген эл бар экенин билет. Бирок нагыз кыргыздын өзүн, кыргыздын тарыхын Айтматовдун чыгармасы аркалу билүү эч мүмкүн эмес. Аны билиш үчүн башка элдерге кыргыздын элдик ырлары – акындык ырлар, манасчылар айткан ыр саптары керек.

-Айтканыңдын калети жок, Юрий! Андай экен эки жеңди карыга чаба түрүп салып ошол элдик улуу чыгарма «Манасты» которуп, аны орус окуучуларына чукулдатпайсыңбы?

-Бек, бул сенин моюнуңдагы иш. Аны мага оодара салба. Силердин элдик чыгарманы мен эми билемин. Аны башкалардын билүүсү үчүн кам көрө турган мен эмес. Ал киши - сен. Мага анын кереги жок. Мени сен тилмечим дебей досум де. Оруска сенин элдик мурасыңды которгонго караганда дос болуу көбүрөөк жарашат.

-Өх! Орус болуп калбаганыма өкүнөм! - деген Бек ылдый карады.

-Шайтан алгырдыкы! Бек, мени эл орус болгонум үчүн сыйлайт дейсиң го? Мен акын болуп туулганмын!.. Ал касиетти менден эч ким тартып ала албайт!

-Сен жөнүндө айткан киши жок.

-Койчу?

-Эч ким эч нерсе деген жок.

-Албетте, мага калганда сенин бир ооз жылуу сөзүң калбай калат! Мен аны жакшы билем… – деди оюн-чындан Юрий Уста. - Болуптур, андан көрө, жоголгон дагы бир уруућ тууралуу кебиңди ула.

-Мурза чоң атам дайыма бул жомокту: «анда кыргыз - жырткычты жырткыч - кыргызды уулачу кез экен», - деп баштачу эле.

-Кандай? Кандай? – деген акын досунун кебин бузду. – Айбан алдына максат коюп иш кылбайт.

-Мен чоң атам айтканды айтып атамын…

-Ишенсең да ишен ишенбесең да ишен дечи. Укмуштай мокочо экен корктум! – деп акын шылдың аралаш күлдү.

-Корко турган жери жок, - деген Бек кебин улады. – Чоң атам айтканга караганда ал кезде «мен кыргыз дегендин баары айбандын тилин түшүнүп жана кандай айбан болбосун кыргыздын тилин түшүнүшчү» экен.

-Аябаганда-а-ай кызык экен! – деген акын ого бетер какшыктады.

-Кыргыздар асманда учкан канаттууну, жерде чуркаган төрт аяктууну кармап этин жеп терисин, жүнүн пайдаланчу экен. Өз кезегинде жырткычтар жалгыз жарымдап жүргөн же оору-сыркоо кыргызды кармап этин жеп күнүн көрүшчү экен. Күндөрдүн бир күнүндө башчы кыргыз ойлонуп олтуруп, жырткычтар менен маакулдашып, бирин-бири жебеген заман орнотоюн деген чечимге келет.

-Ай, жырткычтар! – деп аларга ошондо Кыргыз кайрылат. – Силер тажатып болдуңар. Канчалаган боордошторумду жедиңер. Мындан ары ошол жоругуңарды койгула. Болбосо тукумуңарды соолтом!

Жырткычтардын падышасы Арстан анда жооп айтат:

-Ай, адам баласы! Сен анте абайсың.

-Кантип?!

-Айбанат сага анттирбейт!..

-Менин колумдан баары келет, а силердин колуңардан эмне келет?

-Баары келбейт, бирок айбанат сага анттирбейт!.

-Эмне үчүн?

-Эмне дегенде биз – айбандар силерди жакшы билебиз, а силер бизди анча жакшы билбейсиңер.

-Жакшы билериңерди далилдегиле!

-Силер күнү-түнү биздин көз алдыбызда турасыңар, - деп айтат Арстан.

-Жалган! – деген Кыргыз секирип кетет.

-Сен экөбүздүн көзүбүздүн курчу ар башка. Сен жааңын жебеси жеткен жерден аркыны көрө албайсың, а биз силердин үнүңөр жеткен жерге дейре жакшы көрөбүз.

-Тукумуңду эле курутпасам! – деген Кыргыз жырткычты карагысы келбей, ысырынып тетири басат.

-Күнөө кимибизде болгонун тукумубуз териштирсин! – деген Артсан да куйрукту жерге чаап алып ары басат.

Ошол күндөн тартып кыргыз баласы жырткыч баласын аңдып, колго тийгенин токтоосуз жок кылып турчу болот. Өз кезегинде айбанаттар карматпоо максатта кыргыздан качып обочодо жашачу болот.

-Тил билет дебедиң беле? – деген Юрий Уста кийлигишти. – Азыр тыйын чычкан менен кыргызча тургай кайсы тилде сүйлөбө түшүнүшө албайсың.

-Билет. Ошол себептен айбанаттар кыргыз мергендери эмне кеп куруп атышканын угуп алардын кайда бара жатканын алдын ала билип алып, качып кыргыздар такыр жете алгыс ыраак жактарга кетип калып турушат. Аралары алыстаган сайын кыргыздын тилин алар, а кыргыздар айбандардын тилин унута башташат…

Бек Мурза алдындагы коньякты тартып ийип артынан сууп калган кофесин ууртап, алаксып калды.

******

Тунжурап уккан Юрий Уста оор улутунуп алып коштоп койду:

-Кыргыз айбанат тилин билгенде деп жакшы айтылган… Кечээ кызым мектептен келип: «Ата! Эмне үчүн жөөттөрдүн тиши мокок көзү начар билесиңби?» – дейт. Мен билбейт экенмин десем, кызым: «Эмне дегенде ал эл жер жүзүндө элдердин эң байыркысы болот экен. Ошон үчүн алардын тиши мокок, көзү начар экен!» - деп турбайбы. «Ким айтты?» - десем. «Мектепте ушинтип айтып жүрүшөт»

– дейт.  Бул, атаңдын оозун урайын жөөттөргө даба жок! Кайсы жакты караба – алар! Арыда, алдыда, артта – бүт ошолор!

-Еврей улутунун тарыхый ролу чындыгында дүйнөдө улуу. Аны тануу мүмкүн эмес, - деген Бек Мурза каршы чыкты. – Бул элди бир гана дүйнөгө жүздөгөн гениалдуу инсандарды бергендиги үчүн сыйласа болот. .

-Ал сенин билгениң. Менин билгеним - башка. - деген Юрий капталын салды. – Сенин бул жерде кийлигише турган эч тийешең жок, Бек. Кийлигишпе!

-Юрий, макул болорсуң дейм, генийдин улуту жок. Ал бүтүндөй жер жүзүндө элдерге кызмат кылат. Мына, сенин эле боордошуң Поповду[10] алалы. Анын үналгыны ойлоп табышы бир эле орус элине эмес башка элдерге да пайда алып келди. Анын сыңарындай еврейлердин улуу уулдары: окумуштуу, сүрөтчү, музыкачы, филантроптору жер жүзүндө адамдарга пайда алып келип атат…

-Бек, сен колуңдан келген ишти кыл! Сага айта жүргөн жомогуңду айтуу жарашат. Өзүңдү жөөттөрдү коргоочу кылып көргөзбө! Мени эгер кебиңди уксун десең анда мынабул үгүтүңдү ташта!.. Жомок!.. Кеттик!

-Юра, кулак салчы. Сен эмне десең ошо де, бирок менде деле багып жүргөн ойлор болот!.. Аны айткым келсе эч ким мени тыйып кое албайт. Айткым келсе айтам!

-Көк мээ! Болбогон сөздү кой! Кыжырымды кайнатпа! Жомогуңду ула…

Бек ичинен буулугуп турса да ачуусун басып, чоң атасынын аңгемесине өттү:

-Ошентип, акырындап кыргыз айбанат тилин түшүнбөй, айбандар кыргыз айтканды түшүнбөгөн учур келет. Бирок ошол касташуу кызуу жүрүп аткан кезде ага катышпай койгон бир Италы деген кыргыз болот. Ал айбанаттар менен мурдагыдай эле жакшы мамиледе болуп жүрөт. Күндөрдүн бир күнүндө кыргыздар жашаган айылды жоо чабат. Эт бышымга жетпеген убактын ичинде алар айылдагы кишилерди бүт кырат. Бир гана Италы боз улан аман калат. Ага тайгандар жоо келе жатканын алдын ала айтып ошондон улам ал качып чыгып, тирүү калат.

-Айылга айтып, элин деле сактап калганда болмок экен, - деп Юрийдин ичи ооруду.

-Италы айтса эли айбанга да киши ишенеби деп анын тилин албай коет. Ошентип Италы элинен ажырап жангыз калганда иттердин үйүрүнө кошулуп жашап күн көрөт. Канатын күүлөп авада учкан, аягын шилтеп жерде баскандын тилин түшүнгөн Италы тайгандардын кол башчысы болот. Акыры дал ошол айбанаттар менен жарашып, алар менен тил табышкан боз уландан кыргыздын эң байыркы дагы бир уруусу Италы-Суртайган тарайт.

-Болжол менен алганда ал качан жаралган? - деди акын.

-Кыргыздын ал уруусу тарых кыйла байыркы эл деп тааныган орхон түрктөрү, огуздар, уйгурлар, усундар, сянби же кидандар да жок кезде жаралган…

-Тантырак кеп! – деп каткырып ийген Юрий ошол бойдон ыкшып күлүп калды. – Ал бала эмне… канчыкты кылганбы?

-Ырас, муну ар ким өз адебне жараша кабылдайт, - деп жооп берди Бек.

Бек Мурза бул кепти «Бухенвальд» музейдик комплексте экенде досу Леонард Линкс кимдир бирөөгө айтканын эстеди.

-Суроом жакпай калдыбы? Мени адеби жок дейт экенсиң да, а канчыкты кылгын боз уланчы?

-Эл оозундагы кепти сен да мен да жерий албайбыз. Богооздук сага кайрат бергени менен башканы кордойт.

-Кордосун! Ошентип кез-кези нацмендерге алар олтуруучу орун кайда экенинин көргөзүп коюш пайдалуу.

-Кыргыздар «коёнду кубалай берсе – баатыр болот» дейт. Бизди баатыр кылып албасаңар болду.

Капилеттен залдын жарыгы жалп өчүп кайра күйдү. Билегине карай коюп, Бек саатынын эки жебеси биригип калганын көрдү.

-Оозуңду урайын ит жөөт! Ресторанды жапканы калды! – деген акын ызырынды. – Менин, бул жерде, өз акчама аш ичип жегенимди көралбай атат!.. Дегеле ушул, Алёхин иттин колу бутун чагайынбы? Жакында эле кайдан-жайдан Маскөөгө тентип келген неме эле. Бул ресторанды алганы өз эрежесин орнотту!

-Юра, чыр салба, - деп Бек досун тыйды. – «Шинлиңди ал, кеттик үйгө!»[11]. Ачууңду эртеңкиге калтыр. Бул залга кайра да келебиз.

-«Кудурет кумар ойнобойт!» Э-эй! Жөөттөр! Силер менен оюн ойногон киши жок! - деген Юрий Уста ого бетер албууттанды. – Бул жерде кожоюн мен! Орус шовинисти! Шовинист болгонум үчүн сыймыктанамын!

Аңгыча жарык кайра да жалп деп өчүп, бирок ал да Юрийдин үнүн тыя албады:

-Э-эй, иттер! Мени бул жерде өз үй, өлөң төшөгүмө калтырып кайдан келсеңер ошол жагыңарга кеткиле! Бул жер менин киндик каным тамган жер. Мен ушул жерде туулуп ушул жерде чоңойгонмун! Силердин жериңерге барган эмесмин, барайын деген көңүлүм да жок. Мени жайыма койгула! Жоголгула!.. Балдарымды багып өз күнүмдү өзүм көргүм келет. Силердин, жөөттүк ороюңарды күнүгө көрүп зээнимди кейитким келбейт. Силердин мекениңерде болуп аткандын мага чымындай да тиешеси жок. Аны менен менин ишим жок. Кеткиле!.. Жоголгуа!

Жарык кайра күйгөндө залда эч ким калбаган эле. Бек менен Юрийдин үстөлүнүн жанында официанттар: Иван, Алексей жана Наташа туруп калышыптар.

Ресторандын деректири Алёхин, мындай учурда, демейде аяр мамиле жасачу. Мас болгон акындын оозуна келгенин оттошун укмаксанга салып, эптеп аны үйдөн узатып ийүү аракетин жасатчу. Ал үчүн Юрий тилин алчу официанттарды жиберип, алдап-соолап жолго сала турган. Өзү болсо мас акын көрбөгүдөй жерден туруп колу менен жаңдап, ал ишти башкаруучу. Официанттар такси чакыртып башы бузукту машинеге олтургузуп узатып ийише турган. Ушундай учурда Уста тилин алган официант Наташа эле – азыр ал акындан маңдайында турду. Юрий аны көргөндө ого бетер чамынды:

-Алёхиндин күчүгү!.. Арста-ан!.. Аны маа жибергиле! – деп кызарып-тарарган Юрий албууттанды. - Түнкү уйкуга киреримде жөөттүн тумшугун бир карап алайын! Келе бери, арстанды мага жибергиле!

-Эмне сиз жөн жерден кишини кемсинтесиз? – деп аста айткан Наташа акынды жеңден тартты. – Лев Моисеевич эмне жамандык кылды сизге? Бөйдө жерден бирөөнү кордобоңуз.

-Бузукулар! Баарыңар бузукусуңар! Жөөттүн ит аягын жалап ар-намысыңарды ага сатып ийгенсиңер! Башкаларга караганда силерге окшогондордон орус азапты көп тартат!

-Сиздин үгүт-насаатыңыз мага бир тыйын, - деген Наташа бутун солбуду.

-Ооба! Биз – шовинисттер азбыз! Бирок орус элинин кыр аркасы биз болобуз! – деп акын ого бетер албууттанды. – Биздин кайратыбыз, биздин бар аракетибиз ушундай кыйын кезеңде улуттун уюткусу болуп кызмат өтөйт. Улутту сактоонун кепили болот.

-Юра, жалган айтасың! Бул айтканың тура эмес, - деген Бек кепке аралашты.

-Жалган экенин азыр көрөсүң... - деген акын жеңдерин түрүнө баштады.

Ошол арада арт жактан пайда болгон Алёхин кыйкыра сүйлөдү:

-Юрий, сен жана бул босогодон аттаганда кишимин деп келдиң эле эми өзүңдү Кудуретмин деп турасың. Баарыбызды талкалап, кыйратайын дейсиң?! Бул эмне кылганың?!.Наташа, милиция чакыр!

Наташа касса тарапка басканда Юрийди үстөлдөн чыгармак болуп:

-Тур өйдө! - деп Иван акынды карыдан алып бери тартты. – Чык бери!

-Тарткыла колуңарды! Жакындабагыла мага! – деген акын айбат көргөзө, карысын тартып бошотуп алды. – Жөөт ит! Мен Кудурет болсом мобу турган силерге акыл айтып убара болбойт болчумун. Дароо сазайыңарды бермекмин!.. Өз тегин билбеген мобул кулдарды алды менен жазалайт элем!.. Эсиңерде болсун! Акыры бир силерди биз кайра орус кылабыз же таптакыр жок кылабыз! Ошондой кез келатканда анан ким кимиңер менин көтүмдү өбөсүңөр!

-Кыйкырба! Кыйыктанба!.. Бери бас! - деп Алексей менен Иван акынды ордунан өйдө кыла алышпай атышты.

Кыйкырышуу, жөөлөшүү болуп аткан залга тактайды тарсылдата басышкан милициянын наряды кирди. Төрт милиция көз ачып жумгандын ичинде Бек менен Юрийдин колдорун артына кайырып билектерине кишен салып сала коюшту.

Бийлик формасын кийгендерди көргөндө соолуга түшөкөн акындын тили тумалак байланып, өңү бозоруп, кабагы бүркөлүп калды. Кассадан бери келген Наташа колундагы конвертти сунуп:

-Акчаңыздын артканы, - деп акындын төш чөнтөгүнө салды.

Эки жагын текебердене карап алган акын милициялардын алдына түшүп эшикти карай бет алды. Анын артынан Бек келатты.

-Юра, абал эми кандай? – деген Алёхин какшыктап кирди. – Мен сага алымын келишинче сый-урмат көрсөттүм, сен аны барктай албадың… Сыйга - сый, сыр аякка - бал...

-Атаңдын оозун урайын митаам! – деп тишин кычыраткан Юрий сөгүнүп жиберди. – Мен мурдагы эле бойдонмун. Ачуумду келтире коюучу сен эмес.

-Сүйлөшпөгүлө! – деген старшина буйрук айтты.

******

ЦДЛдин тышкы эшиктери жабылып акын менен тилмеч төрт милициянын курчоосунда Герцен көчөсү менен Бактуу Алкак кең көчө тарапка бет алышыты. Бөлүмгө чукул калганда старшина рация аркылуу дежурда турган милиция менен байланышып, кеп курду:

-Ооба, алып баратабыз… Эки башы бузук, - деп маалымдады. – ЦДЛдин ресторанында мушташыптыр.

Милиция бөлүмү Бактуу Алкак кең көчөнүн өйүзүндөгү бийик тамдын биринчи кабатында болуп чыкты. Орто жаштардагы лейтенант аларды алдынан тосо чыкты. Шапкесинин кычыгынан чыгып турган тармал кара чачы аны башкалардан айырмалап турду. Ал чукул келип акынга тигиле карап, дароо аны жемлеп кирди:

-Уста?! Кайра да еврейлер менен урушкансың го?!

-Алар менен мен урушпаймын. Жөөттүн күчүктөрүнө Орусияда жашоо ылайыктуу эмес экенин түшүндүрдүм. Ошону алардын мээсине жеткире албадым…

-Алардын тагдырын чечем де? Уста, сен президентсиңби? Же Кудайсыңбы? – деген лейтенант акынга кечке тиктеп калды. – Мына мен жарымы еврей жарымы орусмун. Демек, мен да Орусиядан кетишим керек экен да? Ушундайбы?..

Юрийден жооп болбогондо:

-А муну биринчи жолу көрүп турамын, - деп Бек Мурзага карады. – Келгинсиң го?

-Биринчиден менин жашым Сизден улуу, - деген Бек тик жооп берди. – Андыктан «сиз» деп айтканыңыз ылайыктуу. Экинчиден, бул окуяга менин эч кандай тийиштигим жок. Жаңылыштык менен кармай келишти…

Бектин кебин акырына дейре укпай, тетири караган дежурдагы лейтенант жанында турган старшинага буйрук берди:

-Экөөн тең соолуктурчу жайга олтургуз! Эмне кылышты эртең менен чечебиз.

-Куп болот! – деген старшина какая калды.

Ары карай басып баратып муундары кырс эткенче керилип алды да кошумча буйрук берди:

-Сый көргөзүп койгула.

Ошол эле үйдүн жер астында бөлүгүнө Бек менен Юрийди ээрчитип барышып колдорунан кишендерди алып, чечингиле деп буйрук беришти. Көйнөк шымын чечтирип туруп, эскилиги жеткен одеялдар менен жабылган төрт темир керебет турган тар бөлмөгө киргизип жиберишти. Эшикти эмнегедир жабышкан жок.

-Сый көргөзгүлө дебеди беле? – деп Бек тамаша узатты.

Ангыча спорттук кийим кийген жигит ичке башбакты. Юрийдин маңдайына жеткенде ал үн дебей оң бутун өйдө көтөрдү да ошол буту менен акынды бул жаакка бир тигил жаакка бир уруп ошол жерге шалак жыкты! Мурдунан чимкириги атып тамдын бооруна жабыша түшкөнүн досу байкап үлгүрдү. Анын артынан а-бу дегенге келбей Бек да жаактан ары бирди жеп томолонуп кетти...

Достор эсин жыйгыча капилеттен пайда болгон жигит чыгып кетти. Ордунан тура албай калган Юрийди колтуктап өйдө кылган Бек, досун бери жетелеп келип, темир кереберттин четине олтургузду.

Бөлмөнүн ичин жангыз лампочка жарытып тургандыктан караңгыраак эле. Достор эки керебетти ээлеп, жангыздап олтуруп тынчып калышты. Биртке өтпөй акын ээгин шак көтөрүп:

-Бийликтин шапалагын жедиң, Бек! Анын даамы ушундай болот. – деп кайратына келди. – Жомогуңду ула.

Бек демин ичине жыйып алган соң:

-Азыркы тушта эркек тана болбой аялдын ичине баланын түйүлүшү мүмкүн эмес дешет, - деди үнү каргылданып чыгып. – Байыркы заманда аялдын эри жок эле боюна бала бүтүүсү көп болгон. Менин баамымда, бул жерде тотемдик кайра жаралуу түшүнүгү жаткандай. Уруучулук коому өкүм сүргөн кылымда кыргыздар Көк асман, Жер-суу, Тоо менен Токойго сыйынышкан. Ошол жаратылышка таат кылган кезде алар өз тукумун өздөрү сыйынган кудайлардан тараганбыз деп эсептешкен. Мындай көрүнүш башка элдердин маданий мурасында да бар. Маселен, кытайдын байыркы падышалары эне жана чагылгандын огунан, ал тургай чабалекейдин жумурткасынан[12] туулушкан. Кытайдын улуу философу Конфуцийдин атасы асыл таш болгонун айтышат. Экинчи жана Үчүнчү Рамсестердин аталары Кудайдын өзү болгон. Вавилондук эпостун баш каарманы Гилгамеш баатырды бир нече жылга киши барбас сарайда камалуу жаткан каныкей тууган...

-Настя таянем ушундай жомок айтып калар эле, - деген акын сын такты. – Капкаяктагыны ушундай эле деп апыртып, жан алакетке түшүшүңдүн себеби – кыргызыңдын атын чыгаруу болуп атат. Өткөндү эстеп аны менен кур сыймыктануу болуп атат. Ал эми менин алдымда милдет - жомокту чындыкка айлантуу.

-Өткөндү эстөө де? А менчи? Мен да сага өткөн-кеткен болуп көрүнүп турамбы?

-Жашырбай айтканда, силер - нацмендер азыркы заманда жоксуңар. Жажалабай айтканды айткандай аткарып тынч жашасаңар, балким, дагы биртке жашайсыңар.

-Сен экөбүз Башмыйзамы бар мамлекеттин тургунубуз. Анда экөбүз туурасында бир укуктуусуңар деп жазылган.

-Башмыйзамды саясатчылар сен сыяктуу келесоолордун башын айлантыш үчүн ойлоп табышан. Мээси бар киши андан кепилдик издебейт. Аны да жөөттөр ойлоп табышкан!

-Бул кебиңдин төркүнүн билгим келет.

-Окту айтамын! Мылтыктын оозун кайсы тарпты каратып сунсаң ок ошол тарапты карай учат... Адам бир өлгөндөн кийин анын эч кимге кереги жок болуп калат. Адам дегениң – бир жолу пайдаланууга жарачу нерсе.

-Эгерде озунуп, текөөрдү мен мурда бассамчы?

-Кандай? Кандай?

-А мен мурун атсамчы?

-Толук мүмкүн… - деген Юрий Уста саалга тунжурай түшүп, тырмактарын каранып алды. – Ал тургай дал, ушул сен айткандай болот. Ал турулуу иш. Бирок сен экөбүздүн ортобузда бир айырма бар. Эгерде сен мерт болсоң ошол бойдон түбөлүк жок болосуң. А мен курман болсом анда менин артымда идеологиям калат. Аны кызуу кубаттагандар эл арасында абдан көп. Мындан сырткары үн катпаган көпчүлүк деген бар. Алар эч убакта биз тарапка да силер тарапка да кошулбайт. Бирок мен жазап атканга алар жолто болбойт. Ошолор менин ишимди улантышат. Кана, дагы кандай сурооң бар?

-Туура айтасың.

-Сен, Бек бир нерсени түшүнгүн. Мени түйшүккө салган нерсе - Рустун улуулугу. Аны улуу бойдон сактап калуу. Анын менден башталган жакшы жактарын, кадыры менен баркын, беделин коргогум келет. А сен өз улутуңдун өткөнү менен алексиң. Мен болсо улутумдун бүгүнкү кезин коргоодомун.

-Юра, токто, - деген Бек Мурза кепти бузмак болду. – Сен экөбүз тең, чындыгында, жангыздап жорткон бөрүбүз. Элиң Юрий, сенин кам көрүүңсүз эле өнүгүп өсөт. Этнос биз келгенге дейре эле жашоосун улантып аткан, биз кеткенден кийин деле жашай берет. Сен аны коргоп атамын дейсиң, а чындыгында - бул кур кыялга жеңдиргендик! Ар бир адамдын өзү - бүтүндөй бир дүйнө! «Менсиз дүйнө толук эмес» - деп Платонов туура айткан. Менин жашоомдогу көргөн күнүм, тарткан азабым кантип эле менин улутумдун аң-сезимине сабак болбойт? Анын ыймандай сырларынын бирине айланбайт? Элимдин этногенезине тамга болуп басылбайт? Шол себептен мен өзүмдү, өзүм сыңары өмүр сүрүп аткан жер жүзүндөгү миллиондогон боордошторумдун биримин – этносмун деймин.

******

Акын Юрий Устанын денеси салынган жыгач табыт Жазуучулар үйүнүн кичи залына коюлду. Бозоргон бетинин чүкөсү чыгып арыктай түшкөн акындын жүзүндө бул жерде болуп атканды билип аткандай жышан бар эле.

Досу Юрий Устанын кайтыш болгонун Бек Мурза алдыңкы күнү Бегайымдан укту. Эмнеден каза болду десе ал: «Жүрөк!» - деп кыска жооп берген.

Бек Мурза эртелеп чыгып ЦДЛге келгенде ал жерден немис досу Леонард Линксти жолуктурду. Ал бул жолу орус акындарынын жыйнагын чыгаруу үчүн ыр топтоп жүргөн. Кокусунан Юрий Устанын өлүмүнө туш болгондуктан аны акыркы жолго узатуу каадасына катышып калуу үчүн келиптир.

Акын менен коштошуу каадасы саат 11-ге белгиленген эле. Бек менен Леонард кире бериштеги жерде элдин арасында турушту. Буга окшогон жазуучуларды акыркы жолго узатуу каадасы өткөндө демейде Бек Мурзанын

дайыма туруп жүрүүчү орду ушул эле. Мындай адатка ал анын кесиптештери менен коштошуу - саясий акты болуп эсептелген кезде үйрөнгөн эле. Көзү өткөн жазуучунун табытын залга коердон мурда коопсуздук комитетинин кызматкерлери кимдин кайсы жерде турушун алдын ала тактап чыгышчу. Каадага көп учурда керт башынын коопсуздугу мамлекетте жогору бааланууучу «Старая площаддан»[13] кимдир бирөөлөр келип катышчу. Ошондуктан залда тургандардын ар бири эске алынуучу.

Жазуучулар үйүнүн Чоң залында демейде жазуучулар уюмунун катчылары же чыгармачылыгы идеологиялык жактан өтө бийик бааланган калемгерлер, же БК мүчөлөрү, Жогорку Совет, Министрлер Советинде жогорку кызматтарда иштеген тааныш кишилери бар жазуучулардын сөөгү коюлучу. Советтик режим ураганына карабай жазуучулар үйүндө ал адат сакталуу эле.

-ЦДЛ деректирин иштен айдаш керек! - деген Леонард Линкс, үнүн көтөрө сүйлөп, айланасындагыларга кайрылды. – Юрий Уста азыркы замандын Тютчеви болгон! Аны менен коштошууну Чоң залда уюштуруу керек болчу!

Леонард кийимди, куду советтик кишилердей жупуну кийгенди жакшы көрчү. Ал тургай, бир жолу Бек анын Маскөөгө ботинкасынын тышынан көлөч кийип келгенин көргөн. Аза күтүүгө келгендердин ичинен Леонардды таныган аз эле. Ошондуктан анын наразы кебин туура кабылдашкан көпчүлүк жаалап кетти:

-Деректир болбой жерге кирсин!

-Залга директор ээ бекен? – деп Бек Мурза жанындагы Леонардга карады. – Ал үстүдөн түшчү буйрукту аткарат.

-Азыр жогоруда ким бар? – деген арт жактан кыжырланган үн угулду.

-Кудай бар! Андан башка эч ким жок, - деп немис кепти жиреди.

-Кандай болгон күндө да Юрий Уста кичи залда жатат, - деген Бек ичтен тынды.

-Акынга кудай мекенден айтпаган! – деген жаш акындын үнү угулду.

-Оруста эми акын жок! – деген Кузьминкиде туруучу улгайган жазуучу үшкүрүп ийди. – Юрий орустун акыркы акыны!..

-Эмне болуп өлүптүр? – деген үн Бектин кулагынын түбүнөн чыкты.

-Акындар эмнеден өлүшөт? – деп келатып, бирок Юрийдин жубайы айткан сөздү кайталоого тилмечтин оозу барбады.

-Арактан! - деди анда берки.

-Асылып өлүптүр... - деп шыбырады алды жактагы аял.

-Жүрөк! - деп Бек шашып кетти.

-Шүк! Евтюх[14] келатат эмне дейт экен, угалы...

Табытта жаткан акындын баш жагына эки жазуучунун коштоосу астында Евгений Евтушенко өттү. Алар келгенде ошол жерге орнотулган микрофон өзүнөн өзү жаңырып, кулакка эч нерсе угузбай ызылдай баштады. Эл бир микрофонго бир жазуучулар үйүнүн деректирине карап тунжурады. Деректир жардамчысына кол жаңдап аны техникти таап келүүгө жиберди. Ал арада башын оң ийнин карай жыгып тынчып калган Евтушенко маңдайында чогулган элге карап, үн катпай турду. Чогулгандар анын кебин угууну күткөн сыңары ал микрофондун оңолушун күтүп калды. Тунжураган залда Бек Мурза капилеттен эле кечээ, жогорку класста окуучу уулунун өзүнө окуп берген саптарды эстеди.

Уулу жазган ыр саптардан Бек Мурза кандайдыр бир чукулдап калган оор күндүн илебин сезген. Ошол эсине келди. «Балдарымдын көргөн күнү кандай болот?» - деп толгонду тилмеч.

-Бул жактан кетишим керек! – деди Бек.

-Аза күтүү аяктай элек, - деген немис досу жалт карап алды.

-Мен муну айтпайм, - деп Бек күңк этти.

-Өлүм майданында уктап жаткан улуу акын!.. – деген сынчынын үнү микрофондон күчөтүлүп чыгып залдагыларды селт эттирди.

Кимдир бирөө Бек Мурзаны бөйрөккө түрткөнүн кайрылып караса тааныш кыз экен, учурашкыча сурамжылай кетти:

-Сүйлөйсүзбү? Сүйлөсөңүз тизмеге кошоюн.

Жазуучулар үйүндө өтчү жыйындарда келген кишилерди аралып, арасында чыгып сүйлөчүлөр барбы алдын ала тизмелөө адат бар эле. Ошол экенин көргөндө Бек:

-Жок, - деп токтоосуз жооп берди.

-Сизчи? – деп кыз анда Леонардга кайрылды эле ал да жок дегенде андан ары жылды.

-Тизме түзүп эмне кылышат? – деди артта тургандардын бири. – Каалаган айтчу оюн өзү айтсын. Силер түзгөн тизмеге киргенде деле сөз бергиңер келбегенде убакыт тар болду деп бербей коесуңар. Ал жоругуңарды оболтон билебиз!

-Мен баарыңа берем, - деп кыз бура сүйлөгөндө ал жерде турган эки аял тетири карап кетишти.

-Тетиги сүйлөп аткандар качандан тартып «баары» болуп калыптыр? – деген мурдагы үн демите сүйлөдү. – Сиз аларды бул жерге акынга аза күтүп келди деп турасызбы? Бул жерге алар өзүн көпчүлүктүн эсине салып коюш үчүн келишти!

-Юри-ий?!. Сен бизди кимге таштады-ың?!. - деп чыңырган Бегайымдын үнү залда тургандардын бүткөн боюн дүркүрөттү. Табыттын башында олтурган акындын бүлөсүнө кайрылып улгайган сынчы Бегайымга көңүл айтып калды:

-Үңүлдөбө! Басыл. Акын дегендин табияты ушундай болот. Жашагысы келсе жашайт, жашабагысы келсе жашабай коет! Болду. Басыл...

Аза күтүүгө келгендердин жашыктары бышаңдап, кайраттуулары каңырыгы түтөп саамга жымм болуп калышты.

Кезмет азыркы туштагы жазуучулар уюмунун катчысына келди. Ал советтик кезден бери чыгармачылыгы адабияттын кыйырында болсо да жазуучулар жаатын башкарган эргул эле.

-Жүр, тышка чыгалы! – деген Бек немис досун жеңден тартты. – Булар айтчу кепти мен жатка билем. Кулагыңдын кубатын ага коротпо!

******

Достор ээрчишип залдан чыгышты. Ал жакта да кичи залдагыдай күүгүм эле. ЦДЛде аза күтүү болгондо жарык чыгарчу бардык шамдарды, залдын ортосундагы чөмөлөдөй люстрага, ал тургай тамдын бооруна коздук үчүн орнотулган күзгүлөргө дейре атайын тигилен кара жабуулары менен чүмкөп салуу адат эле. Ошондуктан аза күтүү болгондо үйдүн кире беришинен төрүнө дейре күүгүмдү элестеткен чала жарык өкүм сүрчү.

Бек менен Леонард аза күтүү каадасынын аякташын күтүп ары-бери басып турушту. Ага дейре сүйлөгөндөрдүн арасынан акын Евтушенконун сөзү экөөнө тең жагып кеп ошонун тегерегинде болуп атты.

-Улуу адамдын улуу адам тууралуу айткан кеби кандай, ыя! – деген Леонард Линкс корстон боло сүйлөдү. – Тавтология, албетте, бирок башкача да айта албаймын. Бир жолу ушул эле Евтушенко: «Орус акыны – артыгыраак акын» - деген.

-А Некрасов болсо: «Акын болбосоң болбо - атуул болууга милдеттүүсүң!» деген, - деп Бек оюн ортого салды. – Кийин ал да эл оозуна ылакап болуп кирген.

-Кадимки эле энеден туулган акын - Ата журтун ойго батырган, эли-журтунун камын ойлогон азаматка айланат.

-Өз эле Мекени эмес, башка элдин да каралдысы болгусу келет - деп Бек түзөө киргизди. – Кыргызда Алыкулдун жүрөгү өз эле эли эмес орус журту үчүн да сыздаган.

-Рус үчүн де, - деген Леонард маакул болду. – Мен Осмоновдун чыгармачылыгын жакшы билем. Анын «Эй, Россия, Россия – мать родная!..» - деген саптары эсимде. Ар кайсы кичи элдер жазуучуларынын уулу элдерге карата мамилеси - бул өзгөчө кеп. Ал эми силердин акын Осмоновго келсек, ал өзүнүн ички сезимин - Россияга жан тартуусун билдирген. Балким, бир учурда жактырып кетип анысын ыры аркылуу билдирген. Ал эми рус акындарына келсек кеп башка. Ушул эле Юрий Устаны алсак, аны сенден артык билген киши жок, Бек…

-Айтып олтурган кебиңде досум, мен улуу элдин кулунумун кокураюсу жатат, - деди териге түшкөн Бек. – Юрий да өзүн өзгөчө жаралган элдин тукуму, ал эл калгандарды башкаруу үчүн жаралган эл шааниде кеп салчу. А чындыгында экөбүздүн бири-бирибизден айырмабыз жок болчу! Ал аны кабылдачу эмес, а мен андай эмес экендигин түшүндүрө алчу эмесмин...

-Юрий эми арабызда жок. Көзү өткөн киши туурасында же жакшы же эч нерсе дебейт дешет.

-Туура айтасың, Лео. Эл арасында ошондой түшүнүк бар. Бирок мен бул жерде жангыз эле Юрий туурасында айтып аткан жерим жок. Эмне себептен адам баласы жөн эле күн көрүп суу ичип, жыргалга батып жүрүп өтпөйт? Эмне үчүн? Улуу элдердин жер үстү эсен тургуча тукуму улана берүүгө жетер мүмкүнчүлүгү бар. Бул көз көрүнөө чындык. Жаман абал – саны жагынан аз элдерде! Алар чукулда таптакыр жок болушат! Бүгүн арабызда турушканы менен эртең жок болушат. Бул да көз көрүнө чындык. Эмне үчүн мындай абалды улуу өлкөлөр көрүшпөйт? Орусия азыр демократиялык жолго жаңы түшүп атат, ал дүйнөлүк мамлекеттер адам укугу боюнча жүргүзүүчү саясатты тааныган өлкө. Бирок иш жүзүнө келгенде маселе советтик боюнча калып атат. Европалык өлкөлөр, силер кайдасыңар? Америка кайда? Эмне себептен орусиялык саны жагынын аздык кылган элдерге кол сунбайсыңар?

-Канткен менен, Бек, сен андай эмес дебессиң, бул өлкөдө эң жакшысы – коммунисттик режимди кулатуу болду. Киши өз оюн тайсалдабай ачык айтканга жетишти. Алар эми саясат болсун, дин же жеке ою болсун тартынбай айта алышат.

-Досум, Лео, сен элдер туурасында кам көрүп, бирок досуңду унутуп салдың. Реждимди кулатуу – таяктын бир учу. Экинчи учу - мен жана мен сыяктуулар. Саны жагынан аздык кылган элдер ачыгын айтканда саясаттан сырта калып атышат. Биз дагы эле азаттыкка чыга элекпиз. Биз мурдагыдай эле шовинсттер менен улутчулдардын туткунубуз! Советтик режимге караганда бул кара тумоо бизди көбүрөк азап жегизүүдө. Силер, батышта жатып, Орусияда коммунисттердин бийлиги кыйрады эми ал мамлекетте жыргалдуу турмуш башталат деп ойлойсуңар. Аттиң-ай, андай күн болсо кана! Мурдагы советтик өлкө ээлеген жерде азыр чекистерден да катуу мыкаачылыгын көрсөткөн мафия жойлоп жүрөт. Демократия орнотуу убадасы берилсе да мамлекетте өз беделин чыңдо менен алек болгон чеги жок бийликтүү – коомго баш ийбеген режим дубалы тургузулууда. Улутчулдуктун гүлдөшү коомдо болуп көрбөгөн абалга жетти. Алардан саны жагынан аздык кылган элдер тукумдары өлкөнүн бардык булуң-бурчунда азап чегип атышат.

-Ар бир эл үчүн өз улутунун кызыкчылыгы - индустар ыйык уюндай. Аны сое албайсың. Сата албайсың, башкага айырбаштай да албайсың, - деди Леонард Линкс.

-Ар бир адамдын өзү гана көрө турган күнү болот. Ал күндүн жакшы же жаман болушу ошол адам жашап аткан коомдогу атуулдар укугунун корголуп же кордолушуна жараша болот.

-Ал ырас, бирок саны арбын элдерде канткен менен акындар арбын... - деп Леонард кепти бурду.

-Тубаса талант кайсы элден болбосун чыгат. Кыргызда жогорку чыгармачылык жөндөмү бар атактуу манасчы Сагымбай өткөн.

-Бек, ачууң келсе келсин, бирок чындыкты этегиң менен жаап кое албайсың. Коом адам баласынын өнүгүшүнө жараша улам өзгөрөт. Ага жараша анын да салт-санаасы өзгөрөт. Аны атуулдары сыйлоого тийиш.

-Бул айтканың коммунисттик салт-санаанын бешик ыры. Аны угуп жүрүп кулагым тажаган.

Леонард үн дебеди.

Кичи залдын жыгач каалгалары кычырап ачылып, акындын сөөгүн көрүстөнгө узатууга кез келгени билинди. Акындын үйүнө барып жүргөн жазуучулар Бегайым менен акындын эки кызынын колдорун кысып, көңүл айтып өтүп атышты.

-Эл аз келиптир… - деди кимдир бирөө.

-Юрий Уста өлгөнүн эч ким уккан жок! - деп ага экинчи бирөө жооп кайтарды.

-Юрий ырга айланткан эли кайда?! Өпкө боорун садага чапкан орусу кайда?! – деп ийген Бек Мурзанын каңырыгы түтөп кетти.

-Анча кетпе, Бек, - деген Леонард досун тыйды.

-Кимдир бирөө элге кабар берип койгондо болмок, - деди ачуусу келип алган аял. – Мен бул жерде нан алганы өтүп баратып үстүнөн чыктым.

-Өлгөнгө кабар берүү жазуучулар үйүнүн милдети эмес, - деп ага эшик тоскон аял жооп берди.

-Мындай иште ыктыярдуулар деген каралашчу! Тигине, Американы карагылачы! Эмне болбосун ыктыярдуулар тобу уюшула калат. Биз жеринен ушундайбыз!

-Өлгөндөн кийин да атын билбеген жазуучу жазуучубу? - деди беридеги киши.

-Азыр жазуучуң - бут аарчы! - деп ага сынчы жооп айтты.

-Мурда эле алардын бийликсиз баркы болгон эмес, - деди улгайып калган акын. – Совковое[15] жазуучулардын кремлдик бериштелери болгон. Алары колдоп гана барктуу болгон, а бериштелери жоктору тетигил эле кабакта, чочко менен кошо оонап жатчу

Залдын ичи дүргүп акындын табытын алып чыкмак болушту.

-Мындан кийин жазуучулар көргөн күн кандай болот? – деп Бек Мурза жанындагы немис досунан сурады.

-Баары мурдагы калыбына келатат, - деген Леонард Линкс кызыгуу менен жооп берди. – Илгери ушундай болгон. Ырды колунда барлар жазган. Совет бийлиги өзүнө жаккандын баарына ыр жаздырган. Ал адат эми калат. Азыр ким кааласа жазуучу боло алат, бирок лауреаттыкты бийликке жаккан алат.

-И-и де?!.

-Биз демейде кеп кылып калуучу кош биримдик мына ушул жерден башталат, досум.

-Буга окшош ойду жакында эле Юрий да айткан.

-Так айтканда?.. – деп Леонард кызыгып калды.

-Кайсы элди алба акындары улутунун улуулугун даңкташат, баатырлары – замандаштарынын самап турганын жасашат деген. Мен ага: «Акын жалпы баалуулукту деле даңазалайт. Мисалы: Гейне, Фросс, Киплинг, Уитмен, Саади, Абай…» - дегем.

-Башка элдер кызыкчылыгы үчүн эмне, Гильгамеш, Манас, Муромец, Нибелунги… күрөшүппү?

-Ага мен каршы боло албайм, бирок баатырлардын эрдигине дайым эле өз эли тараптан тийешелүү баа бериле берген эмес.

-Өңгө элде болсо да силерде андай учур болгон эмес. Манас баатыр менен сыймыктанбаган кыргыз жок.

-Мен жүз кем-кемжутту жеңген сегиз баатырды айтам.

-Досум, Бек, сенин оюңда ушундай кезде да баатырларың турганы кызык, – деген Леонард кулак түрдү.

-Ырас, учур ыңгайсыз, аны түшүнөмүн. Бирок оюмда турганды жашыра да албаймын. - деди Бек Мурза. – Алар дайыма менин эсимде жүрүшөт. Мен тирүү кезде - алар тирүү. Жашоо дегениң бөдөнөнүн куйругундай. Байыркы кыргыздар тарыхына кызыккан бул шаардагы жападан жангыз киши - сен. Ошондуктан мен сага дагы кыйла кызыктарды айтканга үлгүрүшүм керек. Ага кызыккан экинчи киши - Юрий табытта жатат.

-Аза күтүү аяктап калды, - деген Леонард ичти карады.

Гардеробго келип тыш кийимдерин алганча көпчүлүк менен агылып сыртка чыгышты. Новодевичье монастырга дейре чукул эле. Ошого карабай көөнө «Жигулисин» от алдырып, ичине коногун олтургузуп алып Бек, абайлап айдап, Бактуу Алкак чоң көчөгө чыкты. Сегиз машине катар жүрүүчү Бактуу Алкакка чыкканы газды арбынырак берип машинесинин чуркашын ылдамдатты. Арткы орундарды бирдей ээлеген бир кучак гүл чамгарагы жатты. Эртең менен ЦДЛге келе жатып ал, чамгарак гүлдү көрүстөн оозундагы көк дүкөндөн сатып алган. Чамгарак гүлдүн барпайган жалбырактары арткы терезени тосуп атышкандыктан Бек колун сунуп, аларды оңдоду да терезелердин айнектерин көтөрдү. Айнектер жабылганда машиненин ичи тунжурап, кулак кескендей боло түштү.

-Сага жолто болбой тынч олтурайын, - деген Леонард өзүнчө кобурады. – Машинени киши алаксы болбой айдаган жакшы.

-Эмнеге алаксы боломун, - деп анда Бек жooткотту. - Биринчи жолу айдап атпайм...

-Мен да такай айдайм, бирок Берлин менен Москвада машине айдоонун айырмасы асман менен жердей.

******

-Ири калаа Ордостогу он сарайынын биринде кыргыз падышасы улуу Ажо түн узатып уктап жаткан эле, - деп Бек аңгемесин алыстан баштады. – Сепили бийик дөөлөттүү сарайдын батыш өңүрүнө курулган жайы-кышы гүлдөчү бактын ичинде падышанын кеңешчиси ары-бери басып Черик уруусунун чалгынчыларын күтүп атты. Күн тууганга чейин чалгынчынын келбеши кеңешчинин кулагын түргүздү. Мындайдын көбүн көргөн падышанын кеңешчиси ичинен кооптонуп атты. Бирткеден кийин жанында кимдир бирөө турганын сезди. Ээгин ошол жакка буруп Черик уруусунун чалгынчысы турганын көрдү.

-Бек, машине айдап баратканыңды эсиңен чыгарба! – деген Леонард чырылдап ийди. – Киши өтчү тоомго келип калдык. Бирөөнү тепсетип кетсең – убалы болот.

-Коркпо!.. Лео, досум кишилердин көзү бар, - деп Бек тамашалады. – А машиненин көзү түнүчүндө күйөт… Сен кепти алагды болбой ук. Черик уруусунун жоокерлери чекти мыкты кайтарышкан.

-Эмне үчүн?

-Эмне дегенде бир гана чериктер жоокерлери эч кимге билгизбей, эч доош чыгарбай бир жерден экинчи жерге өтүп кете алышкан. Өздөрү көзгө көрүнмөйүн аларды кармоо кыйын болгон. Бирок алар каалаca эле Ажонун да алтын сарайына кирип барат экен деш натура. Ал жердеги дарбаза тоскондор аларды жакын жолотмок эмес.

-Ичке кирип барышына ошончо себеп болгон чыгар?

-Туура айтасың. Падышанын кеңешчиси чалгынчыны кечиктирип аткан жоо экенин мурда эле түшүнүп аткан. Андай болжолу туура болгонун жоокерди көрөр замат түшүндү. Ошондуктан падышанын кеңешчиси маалыматтын ток этер жерин билмек болду:

-Колу канча?

-Миңге чукул, - деген жоокер, камыга бат жооп берди.

Чалгынчынын шашып жооп айтышы кеңешчиге жакпады. Шашкалактоо - жоокердин жүрөгүнө уялаган дүрбөлөңдү билдирип турган. Кыргыз аскер башчылары урушка кирер алдында, кармаштын сүрүн көргөндө жыбылжып же кайсалап калган жоокердин башын алдырып салган. Ал салт жамы колго кайрат болгон. Ал адатты черик уруусунун жоокери да жакшы билген. Ошого карабай шашып-бушуп жооп берген. «Эмне себептен бул өзүнүн коркуп турганын билдирип атат?» - деп ойлогон падышанын кеңешчиси чалгынчыга тигиле карап алды. Эсин жыйсын деп дагы саалга маалкатты. Аскер көзүн жерден албаган боюнча суроо күтүп турду.

-Миң колу аларга бел болуп бере албайт. Андан киши коркпойт! Эч кимди ал чочутпайт!..

-Кеңешчи мырза, биздин ой да ошондой.

-Анда жер караба! Эмне телмиресиң?!

-Мен сиздин кулагыңызга суук кабар алып келдим.

-Унаалары семизби же арыкпы?

-Аттарын күн сайын которуп минишет. Чаалыкканын союп тамакка жумшашат. Бирок кечээ биздин жылкыга тийип бир өңүрүн оюп кетишти. Аларды бүгүн эртең менен аркы өйүздө алардын жылкычылары кайтарып жүргөнүн көрдүк.

Падышанын кеңешчиси кышында эле кыргыздын эзелки жоосу кем-кемжуттар чегарага чукул келип калганын билген эле ошону эстеди.

-Эмне тууралуу ырдашат? – деди кеңешчи.

-Эсимде жок, - деп жооп берди чалгынчы. – Ырдашканын укпадык.

-Ырын сурап эмне кылат? – деген Леонард кепти бузду.

-Мурда кыргыздар жоо маанайын алар ырдаган ырдан билишкен, - деди Бек.- Андан сырткары жоонун ким экенин, канчалык алыс жерден, бейтааныш же жакын элденби биле алышкан

******

Оң катарга өтүү керек болгондуктан Бек, машиненин оң жак ыптасындагы кичи шамдарын ымдатып коюп, ылдамдыгын басаңдатты. Чамгарак гүл кайра да арткы терезени тосуп калган экен колун сунуп ылдый кылып туруп арткы машинелердин чукулдугун көрдү. Ошондон соң Бек, рулду тез-тез бурап оң капталдагы тилкеге өттү.

-Көрүстөн мобул эмеспи? - деди немис досу.

-Келдик, кайсы жерге турсак болот? - деп Бек машинесин жылдырып айдап орун издеп калды. – Машине толуп кетиптир го…

-Чабарман алып келген суук кабар эмне менен бүттү? – деген Леонард Линкс досунан аңгеменин аягын сурады. – Кыргыздар жоону жеңишти дейм.

-Падышанын кеңешчиси жоокерге дагы бир суроо берет, - деп Бек аңгемесине кайра өттү. – Жарыкта алар эмне кылышат?

-Асманда аалам ээси турганы кыймылдабай жатышат. Жерге житип кеткенсип эч бири көзгө көрүнбөйт. Кезметтешип ууга чыгышат. Кийик этин унаа эти менен аралаштырып тамак жасашат.

Кеңешчи кайра да бир карап, чалгынчынын жүзү бопбоз болуп өзгөргөнүн көрдү.

-Сен нагыз баатырсың! – деген кеңешчи жоокерге кайрылды. – Жети атаң ким?

-Берки атабызды Ырыскелди, - деди чалгынчы.

-Тигини кара! Менин атым да Ырыскелди! – деген кеңешчи каткырып ийди.

-Ырыскелди Мураттын туягы. Мурат Бегиматтын, Бегимат Бекмурзанын, Бекмурза Саркөбөндүн тукуму. Саркөбөн Чүйүштүн, Чүйүш Караймандын тукуму, - деген жоокер тынып калды.

-Баатыр, дагы кандай кебиң бар?

-Биздин кол он элек, - деп баштады жокер. – Биз төрт апта бою чалгын салып алардын капталында болдук. Санын билдик. Алар чындыгында кем-кежуттар экенин билдик. Бешинчи аптага караган биринчи таңда алардын чалгынчылары бизди байкап калышты. Түш оой бизди кармаш үчүн отуз аскерин жибериптир. Жүздөшкөн эле жарден аларды биз жок кылдык. Курал-жарагы менен аттарын олжолоп алдык. Ал кармашта биз эки жоокерибизден айрылдык. Кантсе да отуз аскери жок болгону кем-кемжуттук кол башчыга жакпады көрүнөт, ошол эле күнү кече жуук жүз аскерин жиберди. Сегизибиз калган элек.

Демейде алар Аңгыранын өйүзү менен биз бүйүзү менен жол арбытчубуз. Кем-кемжуттар ал ыркты бузуп, чытырман токой аралап жашырынып дайрадан өткөн экен, аскерлери төрт тарабыбызды тороп токтотушту. Биз аркабызга аркабызды тийиштирип кылычты кындан суруп тим турдук. Ар кимибиз он эки-он үч жоо кылычын жешибиз керек эле. Элден мурда алар багынып бергиле дешти.

-«Куралыңарды таштасаңар жаныңар калат, - деген жүз башы тимеч аркалуу сүйлөштү. – Жаныңарды сактоого кепилдик беребиз. Биздин катарда жоо жоолайсыңар. Кол кайырат экенсиңер, артка качат экенсиңер – көзүңөр тазаланат».

Кеңешип алгыла деп бир саам бизге кез беришти. Биз ал арада аталардын «Көз коркок – кол баатыр!» деген накыл сөзүн эскердик. Теңиримден тирек сурап сыйындык да кармашка кирдик. Жеңип чыктык. Бирок отуз-кырктайы Аңгыранын суусун кечип өйүзгө өтүп, кутулуп кетишти. Калганы алдыбыздагы жайыкта сулап жатышты.

Жоокер кайрылып падышанын кеңешчисине карап алды. Кеңешчи ошондо жоокердин кайраты азыр да кыйла экенин туйду. Шаштысынын кетип атышы анын коркуп турушунан эмес жаны аны таштап атканынан болгонун түшүндү. Черик уруусунун чалгынчысы кеңешчи көзү көрбөгөн жеринен катуу жарадар болуп кансырап атканын түшүндү. Ошого карабай Ажого кыргыздын түштүк-чыгышында жагдайды айгинелеген кеп алыр келген эле.

-Өнөктөштөрүмдү жаралары бул жерге жеткирбеди… Ара жолдо көз жумушту… Мен жангыз калдым... - деп айтаары менен чалгынчы чалгынын мизине кетен маядай, турган жерине шалак этип жыгылып түштү. Баатыр чериктин денеси титиреп алып алкымы корулдап ийип, тынчып калды.

Түндү узаткан Ажо эми таңды тоскону тышка чыкты. Алтын түркүк кең сарайынын кышкы багын аралып сейилдеп келе жатып кеңешчисинин чукулда турганын көрүп бери басты. Чачпагын көтөргөн жоон топ кишилер курчосунда келе жатып, падыша алдыда сулап жаткан жоокерди көрдү.

-Бул жерге аскер башчыдан бөлөк эч ким кирбейт, а бу кайдан жүрөт? – деп Ажо жерде жаткан аскерди жекире карады. Суроо баарыга тийешелүү болсо да ага эч ким жооп айтпады. Ошондо падыша өзү: - Кароолдо тургандарга айткыла, иши чийики, - деп кошумчалады.

-Улуу даражалуу Ажоом, бир олуттуу кеп бар… - деп Ырыскелди кеңешчи айтканда, Ажо ийнинен жылбышып бараткан, четин алтын жип менен кайыткан кымкап чепкенин булкуп оңдоп кийип, ары басты. Ажонун булкунушу баарыга эскертүү болгондуктан эч кимиси үн дей албай падышанын артынан ээрчишти.

Кеңешчи ага карабай алдыга өтүп падыша менен катар басып кем-кемжуттардын басып келатканын айтты.

-Анан эмне болду? – деген Леонард Линкс кыстап калды. – Кыргыздар жеңишти деп үмүттөнөм.

-Азыр, машинени коеюн анан айтамын, - деген Бек Мурза рулду улам бир тарапка бурап, эки машиненин ортосуна арты менен жылып кирип «Жигулисин» койду. Бек кол тормозду тартып ачкычты от чаккычтан сууруп алды. Мотору өчкөндө кабинанын ичи кулак кескендей тунжурап калды.

-Жоокердин сөөгүн жерге беришти. Ошондо бейиттин башына бал-бал орнотуу кеби болду. Аны падышанын кеңешчиси талап кылды, - деген Бек Мурза, кебин улаганча Новодевичье көрүстөнүн карай чамгарак гүлүн колтуктап басты. – Падыша акыры макул болуп: «бетине бул жердеги баланчанын баласы түкүнчө, мынча жашка чыкканда деп жазгыла» - дейт. Анда падышанын кеңешчиси каршы чыгат:

-Улуу даражалуу Ажоом, ат ар бирибизде бар. Кыргыз тукуму бар кезде анын аты дагы канчалаган ымыркайларга коюлат! Эрдик көргөзүү ар бир эле кыргыздын колунан келе бербейт. Таштын бетине: «Ал отуз жашында баатыр болду!» - деп жазалы. Бал-балды көргөн киши бул жерде жаткан Черик уруусунан чыккан баатырдын сөөгү экенин билип жүрүшсүн! - деп көндүрөт.

******

Ал түнү Бек уктай албай жатып, таң куланөөк сүргөндө гана көзү илинди. МЭЛИСте анын белетинен улам чыккан жаңжал уктатпай атты. Ошого карабай таң атары менен эртелеп туруп кийинди. Жуунуп болуп тамагын ичип, балдары менен кош-пеш айтышып, далиске дейре узата чыккан Соняны маңдайынан өөп, тышка чыкты.

Метронун алдына Чарльз досу менен Адия келишмек.

«Текстильщики» станциянын ичи демейдегисиндей жүргүнчүгө жык толгон кези эле. Кишилер ишке кетип аткан кез болгондуктан эскалатордун экөө төмөндү карай, бирөө өйдөнү карай жүрүп атыптыр.

Эскалатордун алдына келген Бек арадан эки мүнөтчө убакыт өтпөй ылдыйтан жылып чыгып келатышкан көпчүлүктүн арасынан Чарльз менен Адияны көрдү. Жайдары мүнөз америкалык досу Бекти көрөрү менен алыстан эле доош салды:

-Hi, how are you!

-Fine, thank you! And you?

-Also fine. My friend, what makes people interesting? – деп сурады Чарльз.

-Sense of humor, - деген Бек каткырып ийди.

-That’s right! It’s beautiful morning, isn’t it?

-Yes, I think so.

-Today we have got return ticket, that’s right?

-Certainly, - деп Бек макул болду[16].

Тышка чыгышары менен Бек Мурзанын чөнтөк телефону шыңгырап калды. Америкалык досу менен сүйлөшүн жыйыштыра туруп, телефонду кулагына такады.

-Бе-ек! Досу-ум! – деген үндү угары менен Линкс экенин тааныды. – Бул – мен. Леомун! Сага жана үйдөгүлөрүңө ысык саламымды айтамын!

-Үнүңдү укканга кубанамын, Лео! – деп Бек да сүйүнүп кетти. – Кайдан чалып атасың?

-Ал ошончо эле маанилүүбү? – деген немис досу кыска жооп берди. – Бул мүнөттөгү маанилүү нерсе – менин сага телефон чалып атышым.

-Айтканыңын калети жок урматтуу Лео. Эгерде Маскөөгө келген болсоң анда сени америкалык досум Чарльз менен тааныштырамын.

-Андай жагымдуу жолугушууну нары жылдырабыз дейм. Мен Карлови-Вари калаадан чалып атамын. Бул жерге биз, Шарлотта экөбүз кечээ гана Австриядан келип түштүк. Бир жарым апта мында болобуз.

-Сага, сенин катарыңда Шарлоттага бизден жакшы каалоолор.

-Өзүң да бизден Соняга саламыбызды жеткирүүнү унутпа! Биз кез-кези силер туурасында кеп кылып калабыз. Бир ыңгайын таап сени жаныңа Соняны алып Берлинге эмне үчүн келбейт дейбиз. Анан Шарлотта экөбүз кийин аны жакшы салтка айлантып алат элек.

-Кымбаттуу досум, Лео! Мен Америкага бара жатамын. Ушул азыр белет алганы баратабыз.

-Канчага бара жатасың?

-Бул жолу досумдукуна бара жатамын. Көрө жатам, а балким такыр кетебиз

-Бек, бул абдан олуттуу маселе.

-Албетте, ал жашоонун азап-тозогун баштан-аяк дагы бир жолу кайрадан тартуу дегендик.

-Менин өзүмдүн өкүмөтүм богондо Бек Мурзага немистердин баш калаасында жашап калууга уруксат берет элем. Мага «Volk und Welt» басылмасы Novitaten cassette үлгүсүндө чыгарган «Алгырым» китепчең абдан кымбат. Кантсе да Бек, алдыда сенин жашоо-тиричилигиң оңолуп кетет деп ойлойм.

-Мен да ошондой болорунан үмүт этемин.

-Экөбүз сүйлөшкөн мөөнөт үчүн сенин чөнтөк телефонуңду тейлеген АТС анын кожоюнуна деп төгүлчү акчанын тизмесин кол суулуктай узун жибererин ойлоп уяламын. Ошондой болсо да демейде биз өткөрүп жүрүүчү баарлашубузду уласак дейм. Кийинки учурда кыргыздын улут болуп калыптануусуна байланышкан кайсы бир суроолор оюмда жүрөт. Кыргыз эли качан жана кантип түзүлгөн?

-Мен азыр, бул жерде, Маскөөнүн Түштүк-Чыгыш админстративдик округунда бара жатып, Лео досум, сенин суроолоруңа жооп берип көрөйүн. Ырас, жанымда коногум бар, анын алдында мага ыңгайсызыраак ошондой болсо да жооп берип көрөйүн. Биринчиден, кыргыз эли автохтондук уруулар менен турпаты борборазиялык жана түштүксибирдик келгин уруулардын канынын аралашуусунан жаралганбыз. Тилин, үрп-адатын өздөштүрүү жолу менен алар акыры бири менен бири аралашып, айрандай уюп бир элди түзүп чыгышкан. Автохтондорду кыргыз болгон дешке негиз бар.

-Бул мага азыркы венгрлердин ата-тегинин илгерки Жунгардан чыгышын эске салат. – деген Леонард Линкс күңк этти. – Чынында эле ушундай болгонбу?

-Хазарларды деле алалы, – деп Бек ээлиге сүйлөдү. – Хазарлардын батышка өтүшү буга окшобойбу? Андан кийин алар ал жактагы жергиликтүү уруулар менен кандашып өздөрүнүн алгачкы касиетин жоготуп алар болуп кетишти. Булгарларды деле алалы. Азыркы татарлар аларды өздөрүнүн түпкү теги болгон дешет. Эдил дайрасынан ооп батышка кетип, ошол бойдон ал жактык болуп аралашып кетишти. Хунндарды алалы? Чыгыштан ооп келе жатып түркүттөр менен кандашып, ара жолдо, жаңы эл – гунндарды жаратты. Бул катарда кыргыздар байыркы заманда өзүн кандай ат менен атаса азыркы заманга дейре ошол ат менен чакырат. Анын автохтон болууга акысы бар дешибиз ушундан. Кыргыздын эл болуп жаралуу тарыхына карай келсек, ал узак жол. Алар байыркы хунндар, сактар, гунндар, динлиндер, усундар менен байланышта болгондугун күбөлөгөн кездерди жолуктурабыз.

-Ал учурлар кыргыздын эл болуп калыптануусуна кандайча таасир эткен?

-Кыргыздын кырк уруусунун арасында, маселен, «Саяк» жана «Усун» уруулары бар. Бирок тарыхчылар аларды эсепке алуудан качышат.

-Анан дагы?

-Түрк каганаттары сурак сураган кезде кыргыз уруулары бул жагы Тянь-Шань тоосу тиги жагы Саян жана Алтай тоолорунун тегине жеткен эбегейсиз жерде күн көрүп суу ичип жүрүп улут болуп калыптанган.

-Менин байкашымча «Кыргыз» деген этноним негизинен азыркы Орусия, азыркы Кытай жана Монголиянын түндүгүнөн гана кездешет экен. Эмнеден улам ушундай деп ойлойсуң, Бек?

-Бул кыргыз элинин байыртан бери ошол жерлерде гана жашагандыгынын белгиси. Башка элдердей болуп батышка ооп кеткенде, айталы: хунн, гунн, хазар, түркүт, булгардай болуп жоголуп кетишмек. Кыргыздар кытай же уйгур сыяктуу эч убакта батышты эңсебеген. Ошондуктан кыргыздын тукуму азыркы заманга жеткен. Же мынабул эле 13-кылымдагы Чынгыскандын тушун алалы. Монголдор каптап келгенде алардын мажбурлоосу менен кыргыздын кыйласы Чыгыш Европаны каратууга катышкан. Азыр алардын дайынын Европадан да Азиядан да таппайсың. Андан сырткары мурда кыргыздар жайында малын Фергана өрөөнүнө дейре жайып келен. Кыштымды Миңсуу ойдуңундагы бөксө тоолордун арасында өткөрүшкөн. Энесайга танапташ Саян менен Алтай да кыргыздар кыштым өткөрчү аймактар болгон.

-Ал салт кыйлага созулганбы?

-Кыргыз урууларынын эл болуп калыптануусу биздин доорго чейинки кылымдын үч жүзүнчү жылдарынан тартып биздин доордун он алтынчы кылымына дейре созулган.

-Бир сөз менен айтканда, кыргыз этносунун кыштоосу менен жайлоосу же байыркы мекени деп…

-Ооба, досум, Лео! Туура айтканы турасың - Борбордук Азия менен Түштүк Сибирь болгон.

-Болжол менен алганда азыркы Монголия андан аркы Енисей дайрасынын өйүз-бүйүзү дечи? А кыргыз этносунун мекеничи?

-Тянь-Шань, Алай менен Памир, качандыр бул жерлерде жашаган уруулар – сактар, усундар, гунндар, түрктөр жана башкалар келгин «кыргыздар» менен кандашып кийин бир этнос жаралган.

-«Жана башкалар» деп кимдерди айтасың?

-Леонард мен азыр көчөдө баратып сүйлөшүп атамын. Кыскарта айтып атышым ошондон. Бирок кызык экен - айтайын. Аристов жазганга караганда алар: азыркы айндар ошондой эле мурдагы энесайлык кыргыздар ата-бабалары динлиндер[17] .

-Анда эмне, баягыда сен экөбүз эскерген Түндүк Американын индейлери болуп калабы?

-Жок, кымбаттуу досум, Лео, алар жапондордун Хоккайдо аралында жашачу эл.

-Кымбатту Бек, сенин алтындай мыкты элиң тууралуу дагы эмнелер белгилүү?

-Менин элим турпаты жагынан чындыгында таң каларлык улут. Азыркы туштагы илим күбөлөй баштады, маселен, Европа менен Азиянын чегинде кыргыз тили менен аталган жер-суу аттары абдан көп табылган.

-Бул мен үчүн кызык.

-Андай аттарды Манжуриядан тартып Кара деңиз боюндагы Кырым жарым аралына дейре табышкан.

-Ал эмне деген аталыштар экен?

-Баарыдан мурда географиялык терминдер. Кыргыз көл, Кыргыз адыр, Кыргыз-Кытай, Одомон-Кыргыз, Кыргыз-Нор, Кыргыз ашуу жана башкалар. Алардан тышкары географияга катталбачу канчалаган жергиликтүү аталыштар.

-Бул фактылар бизди канчалык деңгээлде ынтантат, досум?

-Мени, кыргыз катары, ал аталыштар абдан канагаттандырат.

-Ошондой болсо да бул мисалдар бизди саал күмөн санатат. А сеничи, Бек?

-Кымындай да! Эгерде ал жерлерде кыргыздар жашабаса анда ал аталыштарды ким кыргызча койгон? Ал аттар кыргыздар үчүн эмдигиче түпкү маанисин туюнтат. Эгерде алар кыргыз эмес болсо анда алар кимдер эле деген суроо пайда болот? Анда өздөрүнүн дайра-көл, өрөөн, тоо, токоюна кыргызча ат берген ал кандай эл? Анан алар кайда кеткен?

-Бек, сенин божомолуңа ишенсек анда, ал эл же а кездеги кыргыздар жашаган кез кайсы учур болууга тийиш?

-Менимче, ал тарых башталар алдындагы кез эле. Ал учур уруулар жарала баштаган. Ар бир уруу өзү жашап аткан жерин сөз менен атап таануу башталган кез болгон.

-Көчмөндүк жашоо-тиричиликти эске алганда ара жолдо жер-сууну атай берүүлөрү деле ыктымал эле да.

-Кымбаттуум, Лео! Көз алдыңа жыйырма биринчи кылымдын босогосуна дейре көчмөн бойдон калган сыгандарды келтирчи. Алар көчүп-конуп жүргөн жерлер кыйла бар. Кайсы бир жерлерди алар да өз тилинде аташат. Бирок аны эмнегедир географиялык ат катары эч ким кабылдабайт. Эмне үчүн карталардан сыгандар атап алгандай аттарды жолуктурбайбыз. Же болбосо европалык көчмөндөр Американы ачканда, ал жарым шардан небак эле жергиликтүү уруулар жер-суу, тоо-ташты атап салганын жолуктурушкан. Алардын баарын кайра атап олтуруу дегеле мүмкүн эмес эле. Ошондуктан америкалыктар эски аттарын мурунку бойон калтырышкан. Ошондуктан алар азыркыга дейре: Иллинойс, Сиэтл, Огайо, Миссисипи… деп аташат.

-Ооба, алардын баары Америкада, - деп тамашалаган профессор Стивенсон кепке аралашты. – Бек, эмне туурасында айтып атасың?

-Ырас айтасың. Булар немис досум үчүн керек. Анын кулагына, - деп тилмеч жооп берди. – Иши кылып, кымбаттуум, Лео биздин талашыбыз бирткеден кийин эле унутулат, а «кыргыз» деген аттар ушул бойдон эле калат.

-Мен кийинки күндөрү сени менен жолугушсам деп эңсеп кетем. Биргелешип кандайдыр бир эссе жазсамбы дейм. Бирок шарт бул жерде азыр кыйын дештей бар. Ошого карабай, кыматтуу Бек, сен Америкадан кайтып келгенде жолугабыз деп үмүттөнөм.

-Мен да ошондой ойлойм. Шарлоттага менден, Сонядан ысык салам айт.

-Ошондой болсо да, алдыда кыйынчылыкка карабай Германияга көчүп келишиңди каалар элем, - деди Леонард коштошордо.

-Рахмат досум.

-Бек, жетишет! Биз келип калдык, - деди Адия.

Немис досу менен коштошуп, Бек Мурза сакадай телефонун жан чөнтөгүнө салды.

Сиэтл,
17-июнь 2004ж.

газета «Адабий Ала-Тоо», 2008, №№ 3, 4, 5.

түшүндүрмөлөр:

[1] Орусия токсонунчу жылдардан тартып Америкадан тооктун сан эттерин сатып алып келет. Ошону кыйытуу.
[2] шовинист - барып турган улутчулдукту жактоочу киши
[3] нацмен- Улуттук азчылык деген сөздүн кыскартылып жазылышы.
[4] Твардовский - Ал-др Триф. (1910-70), орустун таланттуу акыны
[5] Наровчатов - Серг.Серг. (1919-81), орустун белгилүү акыны
[6] космополит - бүт дүйнөлүк адам дегенди билдирет
[7] люмпен - Коомдон сыртта калып тентигендер, кайыр сурап калгандар ж.б.дегенди билдирет
[8] Иуда - бул жерде чыккынчы деген өтмө маанисинде айтылып атат
[9] Пеле Эдсон (т.ж.1940) Бразилялык футболчу
[10] Попов Ал-др Степ. (1859-1905) Орусиялык физик, радиону ойлоп тапкан илимпоз
[11] Булат Окуджавнын ырынан сап
[12] С.Георгиевский. Мифические воззрения и мифы китайцев. СПБ, 1892 б. 110
[13] «Старая площадь» – СССР бар кезде Компартиянын Борбордук Комитетинин Москвадагы башкы кенсесинин эл оозунда аталышы
[14] Евтюх - Акын Евтушенкого жазуучулар койгон ат
[15] Совковые - Мурдагы советтик кишилер дегенди билдирет
[16] -Кандайсың? Абал жакшыбы?
-Жакшы! Өзүң кандай?
-Баары жайында. Бек, досум, адамды жагымдуу кылган эмине?
-Тамашаны сезе билүү дейм.
-Ырас айтасың. Бүгүн күн кандай ачык, ыя?
-Ооба, күн ысык болчудай.
-Түшкө чейин белетти алып калар бекенбиз?
-Алабыз.
[17] Н.Аристов. «Опыт…». Живая Старина, Вып. III и IY. С-Петербург. 1894 б.486